

**Токон МАМЫТОВ:**
**«Тарыхый окуя болуп калды»**
(3-бетте)



**Уңгулуу элдин уюткусу түгөнбөйт**
(6-7-беттерде)



**Калемдештерин ар качан алга сүрөгөн эл жазуучусу**
(10-бетте)

Жалпы улуттук гезит

# Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин басылмасы № 16 (24886) 2025-жылдын 4-марты

## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “Акча чачкан талапкер эч качан элдин кызыкчылыгы үчүн иштебейт”


2-бетте



**«Кыргыз Туусу»**

гезитине чыккан макалалар, күндөлүк жаңылыктар, видеолор, жарнамалык материалдар менен
**«kyrgyztuusu.kg»** сайтынан жана
**тармактарынан** тааныша аласыздар.

**«Кыргыз Туусу»**

*гезитине жазылдыңызбы?..*



Учурда **«Кыргыз Туусу»** гезитине 2025-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

**Жазылуунун баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**

– которуу жолу менен **1686 сом 72 тыйын;**
– накталай төлөө жолу менен **1686 сом 72 тыйын.**

**Индекс: 68416**

Актуалдуу маек

## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “Акча чачкан талапкер эч качан элдин кызыкчылыгы үчүн иштебейт”

**Шайлоо системасын жана тартибин өзгөртүүгө багытталган «Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» мыйзам долбоору коомдук талкууга коюлган. Бул тууралуу өлкө башчысы пикири ЖМКларга жарыяланган.**

***– Кыргызстан эгемендик жылдарында элөкүлдөрүн шайлоо системасынын бардык түрлөрүн көрдү окшойт. 1999-жылга чейин бир мандаттуу округдардан мажоритардык система менен шайланып келген эки палаталуу Жогорку Кеңеш болду. 2005-жылы Конституция өзгөрүп, ага жараша парламентибиз бир палаталуу болуп өзгөрдү, эки жыл өтүп 2007-жылы партиялык система кирди. 2010-жылы Апрель революциясынан кийин толугу менен пропорционалдык системага өттүк. 2020-жылы сиздер бийликке келгенде Жогорку Кеңешти шайлоо системасы кайрадан алмашып, аралаш болуп калды. Эми бир мандаттуу округдан болсун деген демилге көтөрүлдү. Бул демилгени колдойсузбу? Шайлоо системасы бизде тез-тез өзгөрүп, өлкө өзүнө ылайыктуусун таба албай келаткандай. Сиз өзүңүз дагы убагында бир мандаттуу округдан да, партия-лык тизме менен да депутат болуп шайланып келген адам катары кайсыл система бизге ылайыктуу дейсиз?***

– Суроооңузда өзүңүз белгилегендей, Кыргызстан эгемен өлкө болгондон бери башкаруу системасынын бардык түрлөрүн көрдү. Көпчүлүгү тыштан таңууланган башкаруу системасы болду. Тыштан таңууланган дегеним, тышкы күчтөр биздин ичибизден кайсы бир тың чыкма саясатчыны колго алып, аны каржылап, анан ал аркылуу өздөрүнө ыңгайлуу системаны кабыл алдырган учурлар көп болду. Саясатта жүрүп алардын баарын көрдүм. Азыр эми алардын аттарын атабай эле коеюн. Эл өзү билет. Эми сунушталып жаткан мыйзам долбоорун кеп кыла турган болсок, ушул долбоор кыргыз элине туура келген долбоор. Ушул система элдин колуна шайлоо укугун накта толук бере турган система болот. Эл өздөрү шайлаган талапкер үчүн наразы болсо да өздөрүнүн мойнунда болот.

***– Азыркы сунуштап жаткан демилгени колдоп атсаңыз, 2020-жылы конституциялык реформа болуп жатканда эле ушул системаны киргизип койсоңуздар болбойт беле?***

– Болот эле. Бирок, ал кезде жогоруда мен айткан тышкы күчтөрдүн таасиринде жүргөн саясатчылар көптүк кылып, бул системага каршы чыгышкан. Ошондуктан 54 мандат партия менен, 36 мандат бир мандаттуу округдардан болсун деген компромисске келгенбиз.

Азыр эми бул жаңы долбоордун негизинде өлкө боюнча 30 гана округ болуп ар бир округдан үчтөн депутат шайланып келет. 3 орундун бирөө гендердик квота боюнча берилет. Ошондо парламентте 30дан кем эмес айым-депутат болот. Эгер бара-бара шайлоолордо аялдар күчтүү болуп мандаттардын көпчүлүгүн ала башташса, анда гендердик квота эркектер үчүн колдонулат.

***– Бирок, партиялар бир округдан бирден гана талапкер жылдыра алат деп атышат. Ошону алып эле салышса болбойт беле?***

– Менимче, болот болуш керек. Ар бир округдан үчтөн кылып 90 талапкер көрсөтсө деле болот. Бирок, анда шайлоого кое турган күрөө көбөйөт. Азыркы мыйзам долбоорунда ар бир талапкер үчүн 100 миң сомдон күрөө деп турат.

Ошондо 30 талапкер үчүн 3 млн. сом болот. А эгер 90 талапкер көрсөтүшсө, анда 9 млн. сом күрөө коюш керек болот. Эми бул жагын: отуздубу же токсондубу, депутаттар өздөрү чечет да.

***– Канча бир убакыт өткөн соң өлкөбүз партиялык тизме менен шайлоого кайтып келиши мүмкүнбү? Анткени бул системаны жактагандар, адатта, Европанын өнүккөн мамлекеттерин мисал келтиришет эмеспи.***

– Европа өлкөлөрү азыркы биз басып өтүп жаткан жолду 40-50 жыл мурда өтүп коюшкан. Ошончо кыйынчылыктарды басып өтүп келип, анан алардын эли да, саясатчылары да партиялык системага даяр болгону үчүн азыр партиялык башкаруу системасы иштеп жатат.

Бизде партиялык системага элибиз да, саясатчыларыбыз да даяр эмес экенин мезгил көрсөттү. Уйкудан эрте тургандардын баары эле партия ача салып, акчалууларды топтоп шайлоого катышмай, алдыңкы орундарды сатмай, бийлик менен соодалашмай болуп, өзүнчө эле саясий бизнес болуп кетти.

Мына биз азыр ушул саясий коррупцияны жок кылганы жатабыз.

Балким 40-50 жылдан кийин биздин элибиз менен саясатчыларыбыз даяр болуп калса, андан кийин партиялык башкаруу системасына өтүшүбүз толукмүмкүн.

Бирок, азырынча депутаттар сунуштап жаткан система биздин өлкөнүн кызыкчылыгына туура келет. Парламент шайлоочулардын алдында жоопту болот.

***– Сунушталып жаткан долбоорго карата пикирин билдиргендер бул мыйзам айымдар үчүн артыкчылык берерин белгилешүүдө. Кеминде 30 мандатты айымдар алса болорун айтып жатышат. Бирок, буга чейин деле депутаттардын 30 пайыздан кем эмеси аялдар болсун деген ченем бар эмес беле. Бул жолкусу деле ошондой кагазда эле калып кетпейби?***

– Бул жолу кагазда калбайт. Мыйзам так аткарылат. Парламентке 30дан кем эмес айымдар келет. Балким кээ бир округдарда 1-2-орундарды да айымдар жеңип алган болсо, анда 30дан да көп айымдар келишет.

***– Округ менен шайлоодо ошол аймактагы акчалуулар алдыга чыгып кетпейби? Деги эле акчанын ролу кандай болот, депутаттар сунуштап жаткан долбоор боюнча?***

– Эл кимдерди шайлаш керек экенин билиши керек. Акча чачкан талапкер эч качан элдин кызыкчылыгы үчүн иштебейт. Чачкан акчасынын ордун толтуруш үчүн беш жыл бою жан үрөйт. Жеке кызыкчылыгы үчүн иштейт. Ошондуктан билимдүү, мекенчил, мыйзам жазганды билген талапкерлерге добуштарын берсе жаңылышпайт. Акча чачып добуш сатып алам деген талапкерлерди көзөмөлдөгөнгө аракет кылабыз. Бирок, эл өзү да андайларды уяткарып токтотушу керек. Эл өзү да көзөмөлгө алып, бизге жардам бериши керек.

***– Сунушталган долбоорго карата тынчсыздануулардын бири – эми жергиликтүү деңгээлдеги эле лидерлер чыгып, өз аймагынын эле таламын талашып, жалпы мамлекеттик масштабдагы лидерлер чыкпай калышы мүмкүн деген пикир. Буга кандай карайсыз?***

– Менимче, туура эмес пикир. Сен мамлекеттик масштабдагы маселени көтөрбө деп ким депутаттын оозун жапмак эле. Мисалы, 2005-жылы баарыбыз бир мандаттуу округдардан шайланып келип, мамлекеттик масштабдагы эле маселелерди көтөргөнбүз. Мына ушул бүгүнкү сунушталып жаткан долбоор боюнча ар бир округдан эң кыйындар шайланып келишет. Мурдагыдай партияларга акча менен кирип алгандар, эч ким таанышбагандар шайланып келбейт. Партиядан миллион долларга мандатты сатып алып, шайлоочуларына бир да жолу басып барбаган депутаттар бар да азыр.

***– Округдар кантип бөлүштүрүлөрү азырынча айтыла элек. Мыйзам долбоору өтүп кетсе, бул жумушту БШК алып барса керек. Сиздин пикирде округдарга бөлүү кандай принципте жүргөнү максатка ылайыктуу болот? Мисалы, бир райондо 90 миң киши жашаса, ага 50-60 миң адам жашаган аймак кошулуп калса. Калкы көп аймактан чыккан талапкерде утуп чыгуу мүмкүнчүлүгү көбөйбөйбү?***

– Биз ушундай – “өз балабыз, өз корообуздан кочкор салабыз” деген ооруdan айыгышыбыз керек. Кайсы облус, кайсы район, кайсы айыл болбосун тың чыкма, билимдүү, мекенчил болсо болду, ошону шайлаш керек. Өз районуңдан болсо эле сенин дасторконуңа ашыкча аш салып береби? Биздин өлкө – чакан өлкө. Мамлекетибиз бирөө эле. Мисалы, Алайдан Чаткалга барып талапкерлигин койсо да, эгер кыйын болсо, ошол кыйынды шайлаш керек. Ошол кыйындар бардык эл үчүн, жалпы мамлекет үчүн бирдей иштеп берет. Демагог болбой туура сүйлөшөт, туура чечимдерди кабыл алышат.

*(Айрым кыскартуулар менен берилди).*

Жогорку Кеңеште

# ЖМК боюнча мыйзам долбоору каралды

**Кечээ, Жогорку Кеңештин Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитетинин жыйынында «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзам долбоору каралды.**

Мыйзам долбоору боюнча Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Марат Тагаев маалымат берди.

Талкуунун жүрүшүндө депутат М. Темирбаева чет өлкөлүк катышуу менен массалык маалымат каражатын уюштуруу боюнча нормаларды тактаса, эл өкүлү Ч.Айдарбеков блогерлердин ишин жөнгө салуу маселесин көтөрдү. Депутат К.Самаков ЖМКларды каттоодон бошотуунун шарттарына кызыкты.

Жыйынтыгында мыйзам долбоору биринчи окууда колдоо тапты.



Министрлер Кабинетинде

# Алдыдагы 100 күндүк реформаларга кадам таштадлы

**Министрлер Кабинетинин төрагасы Адылбек Касымалиевдин төрагалыгы алдында өлкөнүн орчундуу көйгөйлөрүн тез арада чечүүгө багытталган “өкмөттүк акселераторлор” программасынын алкагында реформалардын кезектеги этабына кадам ташталды.**

"Биз аппараттык жыйындарды өткөрүүнүн жаңы форматына өтүп жатабыз. 100 күндүк реформалар практикасы акселератор программасынын методологиясын колдонуу менен киргизилип жатат, бул актуалдуу маселелерди тез жана натыйжалуу чечүүгө мүмкүндүк берет", – деди ал.

Жыйындын жүрүшүндө эки келечектүү милдет белгиленди: ири өлчөмдөгү жана оор салмактагы жүктөрдү ташуу үчүн атайын уруксат алуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү, ошондой эле айдоочулук күбөлүктү алуу үчүн зарыл болгон «083» медициналык справкасын алуу процессин жөнөкөйлөтүү.

Биринчи тапшырмага токтолсок, 2024-жылы өлкө ичинде жана эл аралык ташууларды кошкондо Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан ири өлчөмдөгү жана оор салмактагы жүктөрдү ташууга 8256 атайын уруксат кагаз берилгени айтылды. Орто эсеп менен күнүнө 20га жакын ушундай транспорттук каражаттар өткөрмө бекеттерден өтөт.

"Учурда КР Мамлекеттик бажы кызматы таразага тартып, күбөлүк берип, аны айдоочу кагаз түрүндө Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине тапшырат. Андан соң ташуучулар ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы (ЖККБ) Кыргыз Республикасынын “Улуттук электр тармактары” ААК менен Бишкекте жана Ош шаарында атайын уруксат кагазын макулдашууга милдеттүү. Мындай «Колмо кол режими» процесси тездетүү аракеттери канчалык көрүлбөсүн, ал автоматташтырылган эмес бойдон калууда. Уруксат алуу үчүн ташуучу 8 этаптан, ал эми жүктүн бийиктиги 4,5 метрден ашса 10 этаптан өтүшү керек», – деген Адылбек Касымалиев маселенин негизги себеби катары ведомстволук маалыматтык түзүмдөрүнүн интеграциясынын жана электрондук бекитүү механизмин жоктугун белгиледи.



Бул көйгөйдү чечүү үчүн Адылбек Касымалиев 100 күндүн ичинде кызыкдар ведомстволордун маалыматтык түзүмдөрүн интеграциялоону камсыз кылуу жана атайын уруксаттарды координациялоонун электрондук механизмин толугу менен ишке киргизүү милдетин койду.

"Идеалдуулугунда – жүк ташуучу атайын уруксатты 30 мүнөттүн ичинде алышы керек. Биздин негизги максат – жүк ташуу процессин тездетүү, мамлекеттик органдардын ортосундагы координациялоо механизмдерин санариптештирүү, бюрократиялык тоскоолдуктарды жоюу жана логистикалык чыгымдарды азайтуу аркылуу ишкерлер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү", – деди Министрлер Кабинетинин башчысы.

А.Касымалиев экинчи тапшырмага токтолуп, айдоочулук күбөлүктү алууда милдеттүү талап болгон «083» медициналык справкасын алуунун жол-жобосун жөнөкөйлөтүү зарылдыгын белгиледи. Учурда бул процесс бир топ убакытты алат жана эмканадагы 8 адис дарыгерге кайрылуусун талап кылат.

"Бул процесс 7 күнгө чейин созулуп, жарандарга да, мамлекеттик органдарга да ыңгайсыздык жаратат. Кагаз түрүндө берилип, Транспорттук каражаттарды жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттикке өткөрүлүп берилген күбөлүктөрдү жасалмалоо коркунучу бар. 2024-жылы өлкө боюнча 175 миңге жакын жаран "083" күбөлүккө ээ болгон", – деп белгиледи МинКаб башчысы.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн МинКаб башчысы Саламаттыкты сактоо министрлигине жана Транспорттук каражаттарды жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттикке атайын санариптик модулдарды жана кызматтарды иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү, ошондой эле бул системалардын интеграциясын камсыздоону тапшырды.

«Медициналык текшерүүдөн өткөндөн кийин маалымкат автоматтык түрдө Агенттиктин маалымат базасына жөнөтүлүшү керек, бул аны кагаз түрүндө берүү зарылдыгын жокко чыгарат», – деп баса белгиледи А.Касымалиев.

Бул милдеттердин аткарылышын координациялоо жана контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө жүктөлдү.

«Жыйынтыктарды 100 күндүн ичинде чыгаруу пландалууда», – деди ал.

Аппараттык жыйындын жүрүшүндө Каржы министри Алмаз Бакетаев Мамлекеттик бажы кызматынын жана Мамлекеттик салык кызматынын планынын аткарылышы боюнча маалымат берди.

«Салык жана бажы планы 100% аткарылды», – деди министр.

Өз кезегинде Министрлер Кабинетинин төрагасы пландарды кыскартуу практикасы жокко чыгарылганын эскертип, «мындан ары пландарды көбөйтүү гана болоорун» баса белгиледи.

Жыйындын соңунда А.Касымалиев Министрлер Кабинетинин жыйындарын видеоконференция форматына өткөрүүнү тапшырды.

"Жыйналыштарда баяндамачылар гана катышышы керек. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, министрлер жыйын өтүүчү жерге барчу жана кайра артка кеткен жолдо бир нече саат убакыт коротушат. Мындай чечим жумуш убактысын үнөмдүү пайдалануу максатында кабыл алынды", – деп сөзүн жыйынтыктады ал.

**Сыргак ЭСЕНБЕК**

Эл пикир

**Токон МАМЫТОВ, коомдук ишмер, КРнын Чек ара кызматынын экс-төрагасы:**

## «Тарыхый окуя болуп калды»



Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек араны делимитациялоо жөнүндө макулдашууга кол коюлушу эки тараптуу мамилелерди жана аймактагы туруктуулукту бекемдөөдөгү олуттуу кадам.

Мунун аскердик-саясий мамилелерге таасирине келсек, узак убакыт бою чечилбеген чек ара маселелери эки өлкөнүн ортосундагы чыңалуунун жана мезгил-мезгили менен чыр-чатактардын башаты болуп келген. Демек бул макулдашууну түзүү куралдуу кагылышуулардын тобокелдигин азайтууга жана мамлекеттер ортосундагы ишенимди бекемдөөгө жардам берет. Чек араларды так аныктоо коопсуздук жаатындагы координацияны жакшыртууга жана чек ара коркунучтарына биргелешип каршы турууга шарт түзөт. Ал эми соода-экономикалык мамилелерге болгон таасирин айтсак, чек ара маселелерин жөнгө салуу, соода жана экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

Келишимде автомобиль жолдорун куруу жана пайдалануу каралган, бул өлкөлөр ортосундагы транспорттук инфраструктураны жана логистиканы жакшыртат. Мындан тышкары, суу-энергетикалык объектилер боюнча келишимдер эки республиканын айыл чарбасы жана энергетикасы үчүн маанилүү болгон ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылат. Ушунчүдөн, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамилелерди турукташтыруу Борбордук Азиянын жалпы коопсуздугуна жана экономикалык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет. Чек ара талаштарын ийгиликтүү чечүү регионду башка өлкөлөр үчүн диалог жана кызматташуу аркылуу ушул сыяктуу маселелерди чечүүдө үлгү боло алат. Бул ошондой эле интеграциялык процесстерди бекемдөөгө жана региондун инвестиция тартуусуна өбөлгө болот.

Жалпысынан Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек араны делимитациялоо жөнүндө макулдашууга кол коюу эки тараптуу мамилелерде да, бүтүндөй Борбордук Азия регионунда да тынчтыкты, туруктуулукту жана өнүгүүнү бекемдөөдөгү маанилүү кадам болуп саналат.

**Назаркул ЖООШБАЕВ, журналист:**

## “Кыргыз-тажик чек арасынын чечилиши Борбор Азия мамлекеттери үчүн үлгү”



Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара маселеси жылдар бою эки өлкө үчүн олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп келген. Айрыкча, Баткен облусундагы талаштуу аймактарда мезгил-мезгили менен чыккан кагылышуулар, жер жана суу ресурстарын пайдалануу боюнча чыңалуулар эки тараптын тарыхый тамыры бир өлкөнүн алакасына терс таасирин тийгизди. 2020 – жылы Тажикстандын өлкө башчысы Рахмонов менен тил табышуу канчалык оор болгону элибиздин эсинде. Бул жагынан алганда кыргыз бийлиги Тажикстан менен болгон чек араны тактоодо саясий эрктүүлүгүн көргөзө алышты. Негизгиси тынчтык жолу менен чек аранын чечилиши эки өлкө үчүн утуш болду.

Кыргыз-тажик чек арасынын чечилиши Борбор Азиядагы туруктуулук жана коопсуздук үчүн маанилүү окуя болду. Бул сүйлөшүүлөр эки тараптуу ишенимдин жана дипломатиянын натыйжалуулугун көрсөттү. Чек ара такталгандан кийин экономикалык өнүгүү, коопсуздуктун бекемделиши жана эки элдин ынтымагы жогорулайт деп күтүлүүдө. Бул чечим келечекте Борбор Азия мамлекеттери үчүн чек ара маселелерин дипломатиялык жол менен чечүүгө үлгү боло алат.

Генерал Камчыбек Ташиев кыргыз-тажик чек арасынын чечилишинде негизги ролду ойногон фигуралардын бири боло алгандыгын да эске алып коюшубуз керек. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин (УКМК) атынан сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, чек аранын такталуусуна чоң салым кошту. Анын аракети бир нече негизги жагдайлардан байкалып турду. Кыргызстан үчүн пайдалуу шарттарды талап кылып, улуттук кызыкчылыкты коргой алды.

Анын Тажикстандын атайын кызматтарынын жетекчилери менен түз байланышта иш алып баруусу ишти тездетүүгө жана чыңалууларды азайтууга жардам берди. Негизгиси талаштартыштуу аймактар боюнча ортолук келишимге жетишилгендиги өлкөбүз үчүн утуш.

**Даярдагандар: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ, Болот ТАШТАНАЛИЕВ, Мелис СОВЕТ уулу, “Кыргыз Туусу”**

Ток этери

# Кыргызстандын БУУга кошулганына 33 жыл

***1992-жылдын 2-мартында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46-сессиясынын жүрүшүндө БУУнун Коопсуздук Кеңешинин сунушуна жана БУУнун Башкы Ассамблеясынын 46/225 резолюциясына ылайык, Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна бир добуштан кабыл алынган.***

Кыргызстан БУУнун ар кандай шайлануучу органдарына жана анын адистештирилген мекемелеринин башкаруу түзүмдөрүнө бир нече жолу шайланган. Азыркы учурда Кыргыз Республикасы 2027-2028-жылдарга БУУнун Коопсуздук кеңешинин туруктуу эмес мүчөлүгүнө талапкерлигин көрсөтүп, активдүү иштерин жүргүзүүдө.



Кыргыз Республикасы Бириккен Улуттар Уюмунун бардык мүчө мамлекеттери адамзаттын алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө ыйгарым укук берилген бирден-бир универсалдуу структура катары БУУну бекем колдойт. Өз кезегинде Кыргызстан БУУ глобалдык актуалдуу маселелерди чечүүгө татыктуу салымын кошот деген ишенимин билдирет.

# Мопед, скутер айдагандарга көзөмөл күчөйт

***Соңку учурларда мотоцикл, скутерлердин катышуусунда адам өлүмү менен коштолгон жол кырсыктары катталып жаткандыктан, мопед, скутер айдагандарга карата көзөмөл күчөтүлүүдө.***

Анын алкагында жол эрежелерин одоно бузуп, айрыкча түнкүсүн катуу үндөр менен элдин уйкусун бузуп, катуу ылдамдык менен айдап башка жол кыймылынын катышуучуларынын өмүрүнө коркунуч жаратkandarга катуу чаралар көрүлүүдө. Белгилей кетсек, рейд башталгандан тартып, эки күн ичинде жол эрежелерин бузган жана тийиштүү документтери жок 233 мото-скутер айдаган жарандарга тийиштүү айып пулдар салынып, 52си айып коroo жайына токтотулду.



# Римге Чыңгыз Айтматовдун эстелиги коюлду

***Италиянын борбору Рим шаарында залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун эстелиги орнотулду.***

Эстеликтин ачылыш аземи 27-февралда Рим шаарында өтүп, ага Эльдар Айтматов жана Италиядагы мекендештер катышты. Долбоорду ишке ашыруунун үстүндө Кыргызстандын Италиядагы элчиси Таалай Базарбаев иш жүргүзгөн. Эстеликти белгилүү кыргызстандык скульптор Алексей Морозов жасаган.




Ч. Айтматов атындагы эл аралык фонд анын эмгектери 1960-1970-жылдары италиянча которулуп чыкканын жана азыр да Италияда жазуучунун китептери басып чыгарылып, италиялыктардын жүрөгүнөн түнөк таап жатканын билдирди. Эстеликтин орнотулушу – улуу жазуучуга болгон түбөлүк сый-урматтын символу.

# Цирк өзүн-өзү каржылоого өтөт

***Абубакир Изибаев атындагы Кыргыз мамлекеттик цирки Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин курамынан чыгарылды.***

Цирк эми мамлекеттик ишкана болуп түзүлүп, Мамлекеттик мүлктү башкаруу агенттигине өтөт. Циркти "А.Изибаев атындагы Кыргыз мамлекеттик цирки" мамлекеттик ишканасына айлантып, Юстиция министрлигинен кайра каттоодон өткөрүү керек. Мекеме толугу менен өзүн-өзү каржылоого өтүп, уставы жаңыланат. Эске салсак, аталган цирк 1976-жылы курулган. Ачылгандан бери имаратта биринчи жолу капиталдык оңдоо иштери өткөн жылы жүргүзүлгөн.



# Электр энергиясынын тарифи көтөрүлөбү?

***Энергетика министрлиги 2025-2030-жылдарга карата электр энергиясына жаңы тарифтик саясат сунуштады.***

Министрликтин берген маалыматына таянсак, былтыр энергетикалык компаниялардын кирешеси 32,5 миллиард сом, чыгашасы 40,6 миллиард сомду түзүп, тартыштык 8,1 миллард сом болгон. Мындан улам "2025-2030-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясаты бекитүү жөнүндө" токтомунун долбоору иштелип чыккан.

Ага ылайык, калк үчүн 700 кВт/саатка чейин тариф 1,11 сомдон 1,37 сомго (23,8 пайызга) чейин жогорулап,



андан ашыкча керектөө үчүн 2,39 сомдон 2,60 сомго (8,5 пайызга) чейин көтөрүлөт. Министрлик тарифтердин көтөрүлүшү энергетикалык компанияларга кошумча 6,5 миллиард сом киреше алып келерин жана ал энергосектордогу тартыштыкты азайтууга, бюджеттен болгон көз карандылыкты жоюуга жана энергиянын сапатын жакшыртууга багытталганын кошумчалаган.

# «Ала-Тоо» породасына патент алса болот

***Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги "Ала-Тоо" породасындагы койлорго патент алууга укук берилгенин айтты.***



Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтунун илимий-техникалык кеңеши "Ала-Тоо" породасындагы койлорду сыноо боюнча комиссиянын жыйынтыгын карап, ага укуктук статус берүүгө макулдук берген. Эми эт-май багытындагы "Ала-Тоо" породасындагы кыргыз койлоруна патент алууга болот. Белгилей кетсек, "Ала-Тоо" породасы жергиликтүү кыргыз койлоруна гиссар кочкорлорун аргындаштыруу жолу менен алынган.

# Медициналык маалымкатты санариптештирүү иши башталат

***Айдоочулук күбөлүк алуу үчүн талап кылынуучу 083 формасындагы медициналык маалымкатты санариптештирүү Саламаттык сактоо министрлигине жана Унааларды жана айдоочуларды каттоо агенттигине тапшырылды.***

Министрлер Кабинетинин төрагасы Адылбек Касымалиев: "Сегиз дарыгердин текшерүүсүнөн өтүп, 083 медициналык маалымкатын алуу машакаты бүгүн жети жумушчу күнүн алат. Бул жарандар үчүн да, мамлекеттик органдар үчүн да ыңгайсыздык жаратат. Ошол эле учурда кагаз түрүндөгү бул маалымкатты жасалмалоо тобокелчилиги да жогору. Ошондуктан, жаран медициналык кароодон өткөндөн кийин 083 маалымкаты автоматтык түрдө Унааларды жана айдоочуларды каттоо агенттигинин маалымат базасына түшүүгө керек", – деди.

# 9 кызматтык унаа берилди



***Социалдык фонддун аймактык органдарына 9 кызматтык унаа тапшырылды. Бул унаалар пенсионерлер менен иш алып барууда, пенсиялык иштерди ташып келүүдө, банк жана почта кызматкерлери менен иштөөгө шарттарды түзүү максатында берилди.***

2025-жылы чыгарылган Chevrolet Tracker 1.2 AT Premier үлгүсүндөгү унаалар мамлекеттик өндүрүштү колдоо максатында "ДТ ТЕХНИК" ЖЧКсынан ("Тулпар Моторс" заводу) сатып алынды. Соцфонддун төрагасы Бактияр Алиевдин айтымында, унаалар фонддун материалдык-техникалык базасын чыңдоого багытталган.

**А.АКИМБАЕВА**

Көргөзмө

# “Маданият жаш муундарды тарбиялоого өбөлгө”



**Г.Айтиев атындагы Улуттук көркөм сүрөт музейинде Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына жана Тынчтык келишиминин 90 жылдыгына арналган сүрөт көргөзмө өтүп жатат.**

Эл аралык көргөзмөдө дүйнө элине белгилүү орус сүрөтчүсү Николай Константинович Рерихтин эмгектери коюлган. Белгилей кетсек, бул көргөзмө буга чейин Санкт-Петербург, Москва, Казань шаарларында өткөн. Ошондой эле, Россиянын Индиядагы элчилигинин колдоосу менен Индиянын борбору Нью-Делиде, кийинчерээк Химачел-Прадеш штатында, Куллу өрөөнүндө өткөн. Эл аралык сүрөт көргөзмөнүн эстафетасын Улуттук көркөм сүрөт музейи да кабыл алып, орус сүрөтчүсүнүн чыгармачылыгы менен жакындан таанышууга мүмкүндүк жаратты.

Николай Константинович Рерих – орус живописчиси, илимпоз, тарыхчы, археолог, саякатчы, философ жана коомдук ишмер болгон. Анын көркөм чыгармачылыгы тарыхый окуяларды жаратылыш менен айкалыштыра чагылдырууга умтулгандыгы менен айырмаланган. Аны планеталардын эволюциялык проблемалары жана окуялары, адамдын, жердин, космостун бирдиктүү системасындагы өнүгүү перспективалары ар дайым кызыктырган.

1918-1923-жылдары Н.К. Рерих чет өлкөдө (АКШда, Индияда) жашап, Борбордук жана Чыгыш Азия боюнча археологиялык экспедицияларга чыккан. Индия жана совет элинин достугун чыңдоодо да анын салымы чоң. Бүгүнкү күндө Рерихтин 400дөн ашуун чыгармасы СССР музейлеринде сакталуу. Николай Рерих бала кезинен тартып сүрөткө, археологияга, тарыхка жана Чыгышка кызыккан. Ал ырларды, аңгемелерди жазып, спектаклдерге катышкан. Николай Рерих – дайыма сүрөт тартуу чеберчилигин өркүндөтүп турган.

Ал эми көргөзмө Н.К.Рерих атындагы эл аралык борбордун кызматкерлери тарабынан даярдалып, ал көптөгөн бөлүмдөрдөн турат. Баштапкы жана алыскы чалуулар; Улуу Ата Мекендик согуш; Славян жери; Орто Азия (беш жылдык) жана Маньчжур (эки жылдык) экспедициялары; Индия жана Куллу өрөөнүндөгү жашоо; Гималай изилдөөлөрүнүн Урусвати институтун түзүү ж.б. бөлүктөр боюнча эмгектер даярдалган.

“Маданият сакталмайынча жана өнүктүрүлмөйүнчө, анын келип чыгышына кайрылбай туруп, адамзаттын андан аркы эволюциясы мүмкүн эмес. Маданияттын мейкиндигин кеңейтүү менен гана элдер келечектеги жаш муундарды эң мыкты тарбиялай алышат”, – деп айткан Н.К. Рерих.

**А.АКИМБАЕВА**

Ден соолук

# Кел-кели келген – “Жыргалаң”

**Темирбек АЛЫМБЕКОВ, “Кыргыз Туусу”**

**Учурда Президенттин иш башкармалыгына караштуу “Жыргалаң” санаторийи бүгүнкү күндө элдин ден соолугу үчүн кызмат кылган, өлкөбүздөгү бирден бир дарылоо мекемеси болуп калды. Бир аз жыл мурда эле кезегинде союзга чейин дүңгүрөп турган кайран санаторий, ат сарайга айланып таланып, тонолуп кетээрине аз калганда Президент Садыр Жапаров өзү кийлигишип, “Жыргалаң” санаторийин кайра жаратканына баарыбыз күбөбүз.**

“Жыргалаң” санаторийинин тарыхына кайрылсак, 1960-жылы СССРдин геологдору нефть издеп 1600дөн ашуун тереңдикти казып көрүшкөндө, нефтинин ордуна ушул минералдык ысык суу чыгыптыр. Бир катар бальнеологиялык иликтөөлөрдөн кийин бул суунун дарылык касиетин аныкташып, ошол эле жердин аймагынан дарылык касиети күчтүү баткактын көлөмдүү кенин да табышат. Азыркы күндө бул баткак дээрлик бардык курорт-санаторийлерде пайдаланылат. 1964-жылы жергиликтүү колхоздордун бирикмеси 160 орундуу дарылоо мекемесин курушат. Кийин 1971-жылы Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын карамагына өткөн. Тилекке каршы, “Жыргалаң” эгемендик алгандан кийин жыргаган жок. Баягы 160 адамды кабыл алып турган санаторий, болгону 68 адамды тейлегенге араң жарап калган.

2023-жылы жогоруда айтканыбыздай Президенттин кийлигишүүсү, колдоосу менен “Жыргалаң” санаторийи кайра жаралды. Андан бери 37 коттедж, 4 корпус жаңы салынды. 6 бөлүктөн туруп, жайкышы иштей турган, жабык бассейн ишке киргизилди.



Бул санаторийге колдон келишинче жыл сайын келип, ден соолукту чыңап кетип жүрөм. Бир жолку келгениң бир жылга дем, куттуу жер. Мурда 24 ванна бир жерде болуп, эс алуучулар кезек күтүп калышчу эле, азыр жаңы корпустардын биринчи кабатына көчүрүлүптүр. Азырынча ысык баткак коюучу жайлар эски корпустарда экен. Бирок, аялдарды өзүнчө, эркектерди өзүнчө экиге бөлүп коюптур. Маалында келип анчалык кезек күтпөй тиешелүү процедураны алып кете бересиң.

Санаторийде мындан тышкары массаждын түрлөрү, фиточелек, парафин менен дарылоо сыяктуу кызматтар иш алып барат. Каалоочулар каалаган учурунда барып, бассейнге түшсө болот. Эс алуучулар үчүн баасы арзан. Ал эми санаторийдин аймагындагы жаңы ачылган дүкөндөн керектүүңдү таба аласың. Ошондой эле корпустардагы, коттеджердеги бардык шарты бар “люкс” бөлмөлөр эс алуучулардын маанайын көтөрөт. Ал эми санаторийдин 100 орундуу ашканасы азырынча эски корпуста иштеп жатат. Жаңы ашкананын орду даярдалып жаткан экен, ал деле ушул жылы бүтүп калчудай.

Бир сөз менен айтканда жаңырган “Жыргалаң” жалпы журтубузга кызмат кылуусун улантууда. Эс алуучулар арбын. Баса, “Жыргалаң” санаторийи айрыкча муун ооруларына миңдин бири экенин белгилей кетели. Айрыкча минералдык ысык суусу кан басымы жогорууларга жагымдуу. Дароо түшүрөт. Ал эми ысык баткагы түшүп кеткен кан басымды жогорулатып теңдештирип турат. Бул кан басымдын айынан Ысык-Ата, Жети-Өгүз, Жалал-Абад курортторуна бара албай жүргөн жарандар үчүн абдан маанилүү. Айтмакчы, ашказан ооруларына, ички органдарга жагымдуу булагы бар. Булак курамы боюнча өтө күчтүү болгондуктан дарыгерлер көрсөткөн өлчөмдө жана мөөнөттө гана ичүү керек.

Белгилей кетсек, “Жыргалаң” санаторийи жакшырып, кеңейген сайын жумуш орундары да көбөйгөн. Санаторийдин көпчүлүк кызматкерлери тегерек четтеги айылдардан келип иштешет. Кызматкерлердин кимиси болбосун өз ишинин адиси экени көрүнүп турат, эс алуучуларга жасаган ийкемдүү, сылык-сыпаа мамилелери көңүл көтөрөт. Муну менен дагы бир социалдык көйгөй, жумуш оруну маселеси чечилип жатканы кубанарлык.



Эс алуучулардын ыраазычылыгына ээ болгон санаторийдин медайымы Гүлнура Уржанова иш учурунда

Агарт

# Уңгулуу элдин уюткусу түгөнбөйт



КЫРГЫЗ – бир ай айтса бүтпөгөн эпосторун ооз эки сактаган, мыйзамдарын мөөрсүз аткарган, акылы – тунук, эси – терең акылман эл.

КЫРГЫЗ – «Атам – сөз, энем – ыр» – деп жашаган, «Бир сөз менен иш бүтүрүп, бир сөз үчүн баш кестирип», «Бир сөз менен көңүл алып, Бир сөздөн көңүл калып», түйүндүү ишти таттуу сөз, таптуу кеп менен чечкен чечен эл.

КЫРГЫЗ – киндигин муз менен кесип, ат жалында чоңойгон «эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи?» – деп эли, жерин «көөкөргө канын куюп, канжыгага башын байлап» коргогон баатыр эл.

КЫРГЫЗ – тарыхын дастанга айлантып, муңун күүгө салып калтырган, үйүнө жылан кирсе дагы ак чачып узаткан, жетим – жесирин журтка таштап кетпеген, бир туунун алдына биригип, бир ууч талканды бөлүп жеген «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган», «уугуна айтса, уулу уккан, керегеге айтса, келини түшүнгөн» нарктуу эл.

КЫРГЫЗ – «Бетке айткан сөздүн заары жок», «Баш кесмек бар, тил кесмек жок», «Учурунда айтпаса, сөз атасы өлөт» – деп мартабасына, мансабына карабай, бетке айтып, ачык сүйлөгөн кашкөй эл.

КЫРГЫЗ – достошконго алдындагы атын тарткан, керек болсо башын тарткан, «жигиттин сөзү өлгүчө, өзү өлсүн» – деген убадага турук-туу, шертке бекем намыскөй, касташкандын катыгын берген, кынсыз кылыч көтөргөн кыйылган бутун үзөңгүгө байланып, кырк жылда кегин кууган өжөр эл.

Мына ушундай каада-салтын чанбаган, үрп-адатын танбаган, бөтөн элге дилин берип, тилин бузбаган КЫРГЫЗ акыркы мезгилдерде ааламдашуунун айлампасына кирип бараткандай...

Сүйүнбек Касмамбетов абабыз КЫРГЫЗ НАРКЫН жандандырып, улутту уютаар сөз таштап, Калкты бириктирген жол баштап, улуттун жүгүн мойнуна артынып, көшөрө жасаган эмгегинин акыбети кайтып, президентибиз колдоп, КЫРГЫЗ – «УҢГУ ЖОЛГО» багыт алды...

КЫРГЫЗ КӨЧҮН адаштырбай сактап калалы. Улуттун уюткусун алып жүргөндөрдү баалайлы. Ар кайсы агымга кошулуп ага берсек, «табагыбыз эмес, чөмүчүбүздү таппай» калабыз... Тарыхта канча улут жок болуп кеткенин, канча улут жок болуу алдында турганын билебиз.

УЛУТЧУЛ БОЛГОНДОН УЯЛБАЙ, УЛУТСУЗ КАЛГАНДАН УЯЛАЛЫ!

# Карыя

Автобустамын. Аялдамадан улгайган киши чыкты. Орундук берээр бекен дегенсип, айлананы бир карап алды. Эч ким көчүк көтөргүсү жок. Калпакчан карыя шайдоот тура калды да:

– Келиңиз, отуруп алыңыз...

– Канчадасың? – деди тиги аксакал отурбай туруп.

– 76 жаштамын.

– Аа, анда мен отурганга жолум бар экен. 80дин чайын ичип атам. Рахмат, кем болбо, балдарыңдын күнү-күчүн көр-деп алкап-жалкап батасын берди. Анан бирде мени карап, бирде тиги кишини карап:

– Карачы эй, 4 жаш кичүү болсо да орун бошотуп берди. Кандай жакшы ээ. Кем болбо, бактылуу карылыктын доорун сүр. Карачы эй, 4 жаш кичүү болсо дагы... – деп бир айтып, бир койбой, кайра-кайра кайталай жаш балача кубанат...

Ушундай мамиле бу заманда таңкыс боло баштаган го кыязы. А балким... Ичимден ар ой менен алпурушкуча болбой, тиги 80деги карыя кайрадан сөз баштады.

– Үйдө жалгызмын. Зеригем, анан шаарга келип кечке кыдырып, кечинде үйгө барып жатып алам.

– Кемпириңиз барбы – деди 76 жаштагы киши.

– Кемпирим кетип калган. Ошол кемпир жок, жан дүйнөдө тынчтык жок. Аны (кемпирди) алып кеттиң, мени неге албайсың? Андан көрө мени алып кетсең го-деп Кудайга күнүгө жалынам. Көзүнө жаш толо, мукактана түштү.

– Кой антпеңиз. Кудайга күнөөкөр болуп, – деди тиги киши. Жаралуу суроо берип алганын сезип, жооткоткусу келди.

– Анан кантем, карыганда кемпириң болбосо жаман экен. Кечке бозоруп жүрөм, – деп көзүнүн жашын билгизбей аарчып алды.

– Өзүңдүн кемпириң барбы?

– Бар, менден 2 жашка кичүү.

– Аа, кемпириң бар, ырысың бар экен.

Ал ортодо мен өз оюм менен алекмин. 80 жашка окшобойт, кийингени жакшы, баскан-турганы тың, жаш көрүнөт экен. Кемпир алып алса болбойт беле?

– Кемпир алып албайсызбы- оозуман чыгып кетти.

– Жо-ок, жок албайм. Өзүңдүн кемпириңдей кайда-ан.

– Балдар барбы? – деди 76 жаштагы киши.

– Балдардын баары Россияда. Мен тың эле басып жүрсөм алар ойлошот жакшы деп. Балдарың чоңойгондон кийин өздөрү менен өздөрү болот тура.

– Өзүңдүн балдарың барбы?

– Бар.

– Ошол балдарың акылдуу болсун. Карыганда кемпириң жок болсо, балдарың карабаса жаман экен. Карыянын көзүнө жаш толо түштү. Көзүндөгү жашын бизден жашырып, сыртты телмире тиктеди. Биз да унчукпай калдык...

Эми 76 жаштагы карыяга орундук беришээр дегенсип үмүттүү автобустун ичин карадым. Алдыңкы орундуктарда орто муундагы аялдар, артта жаштар. Бири телефон тиктеп, бири музыка угуп, бири уктаган түр көрсөтүп көзүн жумуп баратышат...





## Шахзада АВСАМАТОВА:

# “Ниет, тилегибизди оңдойлу”

– Кадамжайда, Ак Турпакта жашаган Калпага жолугуп сүйлөшкөнүм эсимде. Ошондо калпа: “Тээ согуш учурунда эл, жеңиш, тынчтык жашоо үчүн жанын берип иштешип, жакшы жашоодон үмүт кылышчу. Элдин кургагы ток, жакшы заман келет – деген ак тилек ар бир адамдын сөзүндө, оюнда бар эле. Элдин тилеги орундалды, мына азыр токчулук, молчулук, тынчтык заман келди. Баары бар. Өкүнүчтүүсү, азыр адамдар, бири-бирин жектешип, көралбастык, уурулук, акчанын, байлыктын кулу болуп кетишти. Эл үчүн, мекен үчүн, тынчтык жашоо үчүн ойлонгон аз. Тескерисинче, эртең кыйрайбыз, жок болобуз, өлдүк-талдык, акча-акча деген үмүтсүз шайтандай жашаган элдин саны көбөйдү. Силер ушинтип өзүңөр согушту, жокчулукту чакырып аткан жоксуңарбы? Ойлонгула! Сөздүн күчү ар бир адамдын тагдырын оңго, солго бурат. Оюң, сөзүң, үмүтсүз адам көңүлдү түшүрүп, маанайды ар дайым бузат, арызданып сүйлөйт. Тамак менен кийим, кара курсактан чыкпайт. Жашоодо жан азык, руханий баалуулуктар жөнүндө сөз козгосоң-коркуп, үркүп, уккусу да келбейт. Заманыңар ушундай” – деп айтты эле.

Чын эле кээ бир адамдар «жоктон» башканы айтпайт. Ниеттери жаман. Ата энелерибиз, «Жокту айтпа, жоктун түбү жаман, жоктон Кудай сактасын. Айланайын, алдыңа кетейин, болот, жолу чыгат, эл бар, оңунан берсин, Кудай бир жагынан болбосо, бир жагынан берет», – дешчү. Андагы элдин ниет-тилектери жакшы эле. Улут баалуулуктарын баалашчу. Азырчы? Азыр элибиздин наркын, салтын унуткарып, башка элдин маданиятын ээрчип кетип атабыз. Ошентип кете берсек, улут баалуулуктарыбызды жоготуп, башка элге сиңип жок болуп кетүү коркунучу болбой койбойт. Андыктан өз жүзүбүздү сактап калалы. Илгерки ата-бабалардай чыдамкай, жакшылыктан үмүткер, ак тилекте бололу.

## Эсен болуп эстей жүр!



Балага кайсы тилде билим берсең, акыры түбү ошол элге кызмат кылат.

**Мустафа Чокой, Казак кеменгери**



Ар бир өлкөнүн келечеги, ал өлкөдөгү атуулдардын алган билимине тыгыз байланышкан.

**А. Эйнштейн**



Өздүгүн унутуп койгон, улуттук аң-сезиминен ажыраган пенде, ээрчиме болуп, элеңдеп, бөлөктүн тилин алып, бөтөндү бөркүндөй көрүп калат.

**Кыргыз сөзү**



Улуттук аң сезими жок эл – бул башка элдердин өсүп чыгышына азык болуп берген кык сыяктуу.

**Столыпин**

## "Балам, балалуу болгондо билерсиң"



Атам атадан жалгыз. Апам да атадан жалгыз болгон. Экөөнүн өткөн тагдыры окшош. Биз бала кезде, алар өткөн күндөрүн айтып беришээр эле. Не бир азап менен жетимдиктин күнүн көрүп чоңоюшкан. Оо, ал кезде адамдар чыдамкай, сабырдуу, адамгерчиликтүү, ыймандуу, улутка бекем, нарктуу, салттуу болгон экен. Кудайга шүгүр, 8 баланы тарбиялап өстүрүштү. Бирок, бири кем дүнүйө ай, бүгүн арабызда жок...

Биз бала кезде атам ар дайым айтаар эле, "бириң атам, бириң агам, бириң иним, бириң балам, бириң энем, бириң эжем, бириң карындашымсың"- деп. Анда анча маани бербепмин. Көрсө, атам жетимдиктин, жалгыздыктын күнүн көрүп, тууганды баркын билип зарлаганы, бизди эш тутуп, бизди биримдиктүү болгула деп насаат айтканы тура. Апам дайыма, "балам, тигинин баласына жардам берип кой, буга каралаш", – дей берчү...

Анан мага бир күнү ушундай ой келди. Булар мени ойлошпойт окшойт. Шаарда мен жыргап жашап жаткансып – дедим ичимден чыртыя. Баламын да, ар убак айылга барганда, айланып, садага кетип, берерге ашын таппай бөйпөлөктөп турганын кайдан сезесиң. Өзүң чоңоюп алгансып дердейесин го. Бир ирет айылга барып калдым. Атам, апам экөө намаз окуп атышкан. Анан экөө тең жарыша Кудайдан менин өмүрүмдү тилеп, жалынып жатышат. Кулагым чалаар замат жан дүйнөмдү бир башкача сезим ээледи. Көрсө, булар менин өмүрүмдү күнүгө Кудайдан тилейт тура. Сыртка чыктым да, өзүмдү жемелеп, буркан-шаркан болуп ыйлап алгам...

Эми мен балдарымдын өмүрүн тилеп отурам. "Балам, балалуу болгондо билерсиң", – деген кыргыздын сөзүнүн төркүнүн чын эле балалуу болгондо билесиң. Балдарыма бир кыпындай кирим жок, алардын өмүрүн тилеп отурган мен, атам менен апамдын алдынан кыя өтпөй, алардын аманчылыгын тилеп келдим. Эми алардын бейишин тилеп жүрөм... Ата-эне кандай гана ыйык ээ.

## Адам канча күн жашайт?



Адам баласы 100 жашка чыкса – 36500 күн жашайт экен. Ал эми 50 жашта – 18250 күн болот. 40 жашта – 14600 күн, 30 жашта – 10950 күн гана жашайт экен.

**Биле жүр**

## Билимдүү көп, билген аз



Билимдин очогу мектеп, билимге каныккылган мугалим. Баарыбызды ошол мугалим окуткан. Бүгүн өзүбүз эле билимдүү болуп алгансып мугалимдерди карабай койдук. Бүгүн мугалимдердин кадыр-баркы жок. Мектепке барып жакалап, муштаашып кетип атышат. Японлор айткандай, мугалимдин баркы жок жерде, өнүгүү да, өсүү да болбойт...

Кыргызстанда 2377 мектеп бар, анын ичинен 204 мектеп менчик. 99 кесиптик лицей, 165 колледж, 83 жогорку окуу жай бар. 83 ЖОЖдун 31и мамлекеттик. 2168 бала бакча бар болсо, дагы 2000 ашык бала бакча керек экен. Анткени бала бакча жетишпейт. Союз мезгилиндеги бала бакчалардын далайы менчиктелип кеткен. 1 млн. 268 миңдей окуучу, 219030 студент билим алат. Мына билимдин булагы, элдин эртеңки келечеги ушул жерде. Биз 30 жыл ичинде өз өлкөсүн, өз улутун сүйүүгө шыктандырган билим бере алдыкпы? Жок! Билимге болгон саясат начар. Тилекке каршы, башка өлкөлөрдүн идеологиясына каныктырган менчик окуу жайлар көбөйүп баратат. Өзүбүздүн окуу жайларда өз өлкөбүздү, мекенди сүйүүгө мыктап үйрөткөн билим саясаты керек. Жогоруда мисал кылгандай, Япония, Түштүк Корея жана башка өнүккөн мамлекеттердей билимге астейдил мамиле кылганда, өнүгүү жолуна эбак түшмөкпүз. Бүгүн жогорку окуу жайды бүткөндөр аябай көп. Бирок коом билимдүү деп айталбайсын. Кыргызда "билимдүү көп, билген аз, күйүмдүү көп, күйгөн аз" дейт. Билгендер көбөйсүн, жан дили менен күйгөндөр көбөйсүн!

**Икая**

## Баары эркектин колунда



Бир жолу эркек, Кудайдан сурайт экен: – Эмне үчүн кыздар сулуу, назик, ал эми аялдар ачуулуу, урушчаак – деп. Анда Жараткан жооп берген дейт: – Мен кыздарды жараткам. Алардан аялды силер жасайсыңар. Силерди курчап турган нерселердин баары, силердин сүйлөгөн сөзүңөрдүн, баскан-турганыңардын, кылган мамилеңердин көрүнүшү. Аялзаты өзүнөн-өзү өзгөрө бербейт. Аялды ага болгон сүйүү же кайдыгерлик гана өзгөртөт. Эгер аялды сүйүү менен мамиле кылып коргосоң, ал гүл сыяктуу кулпуруп чыгып, үй-бүлөгө жылуулук тартуулап, мээрим төгүп, үйдү жарыктантат. Эгер аялдын аракетин көрмөксөн болуп, көңүл бурбай, ур-токмокко алсаң, ал анда маанайы чөгүп, соолуп, кайсы бир убакта өзүнүн назиктиги менен сени багынткан касиетин, мээримин жоготот. Баары өзүңөрдүн колуңарда эй эркектер! Жакшы сөз айткыла, жакшы сөз угасыңар. Жакшы мамиле жасагыла, сый көрөсүңөр... – деген экен.

## Сүйөм деп кет, бир келип



Кабак салып,
Сур булуттай бүркөлүп,
Жата бербей жазды изде чүмкөнүп.
Кадемимди катырбагын эрте жаз,
Күндөй тийип, кайра жаандай бир төгүп.
Жолоочудай жолдон изим кубалап,
Таанышымдай тийишип өт бир көрүп.
Тирүүлүктө тирилигиң түгөнбөйт,
Кыялыңа кылар ишиң чиркелип.
Эрте жаздай эркелейин...
...сагындым,
Жаным менин, сүйөм деп кет, бир келип.

**Каныкей ИСАКОВА**

**Сөзбермет**

## Жакшы сөз

- Жакшы сөздү-жамап сүйлө,
- Жаман сөздү-камап сүйлө,
- Куйкум сөздү-кынап сүйлө,
- Учкул сөздү-улап сүйлө,
- Кыңыр сөздү-кыйгап сүйлө,
- Кызык сөздү-сыйлап сүйлө,
- Ой кемтигин-топтоп сүйлө,
- Ойносоң да-ойлоп сүйлө,
- Акыйкатты коргоп сүйлө,
- Калыстыкты тактап сүйлө,
- Чынчылдыкты жактап сүйлө,
- Сөз кадырын сактап сүйлө.



**Керим АЙДАРОВ, "Кыргыз Туусу"**

## Элет



Жергиликтүү бийликте эмне кеп?



**2021-2025-жылдарга карата шаардагы коомдук-саясий кырдаалды турукташтырууга, социалдык-экономикалык өнүгүшүн жогорулатууга, инфраструктурасын жакшыртууга, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүгө багытталган программанын алкагында 2024-жыл ичинде көзгө көрүнөрлүк жумуштар аткарылган.**

**Министрлер Кабинетинин №454 токтомун, Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 2021-2025-жылдарга карата программасынын иш-чараларын аткаруу максатында, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына ыйгарылган 3 принцип, 22 милдет боюнча кабыл алынган 2021-2035-жылдарга кабыл алынган программанын негизинде иштер жүргүзүлдү.**

## Кызыл-Кыя шаарынын мэри Асилбек МАТКАЛЫКОВ:

# «Кызыл-Кыя шаар 22 милдет менен иш

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"

### Өнөр жай тармагы

– Шаардын өнөр жай тармагын өнүктүрүүдө өткөн жылга салыштырмалуу, 2023-жылдын 4-кварталында 1873,6 млн. сомдук продукция өндүрүлгөн болсо, 2024-жылдын 4-кварталында 1634,3 млн. сомдук продукция өндүрүлүп, өсүү темпи 87,2% түздү.

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү жана физикалык көлөмдүн индексинин төмөндөөсүнүн себеби, эң негизги өндүрүш көлөмүн аткарып келген «Глобал Гармент» тигүү фабрикасы 2024-жыл башынан экспортко чыгарып иштешип келген компаниялары менен түзүлгөн келишимдери токтотулуп, башка компаниялар менен келишим түзгөндүгүндө болду.

Учурда, Россия Федерациясындагы абалга байланыштуу алар тараптан буюртмалар аз болгондугунан өндүрүш көлөмү түшүп кеткендигине байланыштуу физикалык көлөм аткарылбай калган.

Чекене сооданын көлөмү 2023-жылдын 4-кварталына карата 9320,7 млн. сом болсо, 2024-жылдын 4-кварталына карата 10473,6 млн. сомду түзүп, өсүү темпи 112,4 % түздү. Мындан сырткары, көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр өткөн жылдын 4-кварталында 12936,8 млн. сомго аткарылып, өсүү темпи 114,8% болду.

### Салык жыйымдары 126%га аткарылды

– 2024-жылдын 4-кварталына карата план 627,7 млн. сом берилген болсо, факт боюнча 634,4 млн. сом жыйналып, 101,1% түздү, өсүү темпи өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 126,4% түздү же 132,7 млн. сом ашыкча жыйналган.

Социалдык төлөмдөр боюнча 2024-жылдын 4-кварталына план 443,9 млн. сом болсо, факт жүзүндө 474,8 млн. сом жыйналып, 107,0% аткарылган.

Республикалык бюджеттин аткарылышы, план боюнча 423,6 млн. сом болсо, 428,8 млн. сом жыйналып, 101,2 % аткарылды. Өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 142,1% түздү же 127,0 млн. сом ашыкча жыйналган.

Ал эми, жергиликтүү бюджеттин аткарылышына келсек, планда 204,1 млн. сом каралса, факт боюнча 205,5 млн. сом салык жыйналып, 100,7% аткарылган же өсүү темпи 102,8 % түзгөн.

### Шаардын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

– Кызыл-Кыя шаары боюнча киреше бюджеттин планы 220,6 млн. сомго бекитилип, иш жүзүндө 226,5 млн. сом жыйналып, 102,7% аткарылган. Ошол эле учурда, жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн планы 237,4 млн. сомго бекитилип, факт боюнча 231,3 млн. сом же 97,43% түздү.

### Инвестиция тартуудан иш илгерилейт

– 2024-жылы 712,7 млн.сом инвестиция тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү темпи 107,2% түздү.




Мындан сырткары, түрткү берүүчү гранттардын эсебинен жана жергиликтүү бюджеттин салым кошуу аркылуу аткарылган иш-чаралар Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан 6 долбоор сунушталып, жактырылды.

Атап айтканда, республикалык бюджет жана жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен Караван аймактык башкармалыгынын имаратынын 2-кабатына жеңил типтеги конструкциядан актовый зал куруу, Кызыл-Кыя шаарындагы Восток, Абжапаров көчөлөрүн асфальттап, капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, Кызыл-Кыя шаарына караштуу Ак-Булак айылындагы Механизаторская көчөсүн асфальттоо, Кызыл-Кыя шаарындагы жалпы дарыгердик практика борборунун балдар бөлүмүнүн имаратын жана №4 "Ландыш" балдар бакчасынын жылытуу системасын капиталдык оңдоодон өткөрүү иштери бүткөрүлдү.

Жалпы 6 долбоор боюнча аткарылуучу жумуштардын наркы 41,1 млн. сом, анын ичинен жергиликтүү бюджет салымы 23,4 млн. сом, ал эми үлуштук грант эсебинен 17,7 млн. сом акча каражаты каралды.

### Жол картасынын аткарылышы

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы №159 КПҮ "Кыргыз Республикасынын Баткен облусун 2021-2035-жылдары өнүктүрүү программасын жана аны ишке ашыруу боюнча Жол картасын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, 2023-жылы Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан сунушталган 3 долбоор бекитилген эле. Атап айтканда:

– Кызыл-Кыя шаарынын Сухой-Сай участогунда "Дүң соода комплексин" куруу – 40,0 млн. сом (тендер боюнча 39,7 млн. сом);

– Мейманкана (конференц залы менен) куруу – 25,0 млн. сом (тендер боюнча – 23,8 млн. сом);

– Кызыл-Кыя шаарынын аймагына 2 ҮДБ имаратын куруу – 20,0 млн. сом (тендер боюнча – 17,6 млн. сом).

Аталган долбоорлорду ишке ашыруу үчүн "Баткен облусун 2021-2035-жылдары өнүктүрүү программасын" алкагында бөлүнгөн 85,0 млн. сом акча каражаты бөлүнүп, өткөрүлгөн тендер жыйынтыгы боюнча 81,3 млн. сомго келишимдер түзүлүп, аталган үч долбоор боюнча бүгүнкү күндө курулуш иштери жүрүүдө.

### Жаңы ишканаларды ачуу менен жумуш ордун түзүү

– 2024-жыл ичинде шаардык мэриянын колдоосу менен жеке ишкерлер аркылуу 29 чакан жана орто бизнес тармагында кызмат көрсөтүү, өндүрүш объекттери ачылып, 369 жумуш орундары түзүлдү.

Ал эми, Кызыл-Кыя шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан жалпы шаар аймагында жарандарды жумуш менен камсыздоо максатында 1053 жаран жумуш менен камсыздалган. Өткөн жылдын отчеттук мезгилине салыштырмалуу өсүү темпи 102,0% түзгөн.

### Калкты таза суу менен камсыздоо

– «Кызыл-Кыя Сууканал» муниципалдык мекемеси боюнча "Исфайрам" участкасында бир трансформатор суу пайдалануучу 4 насос бар (анын 2сү иштеп жатат 2сү запаста), кубаттуулугу 145 киловаттык, 600 куб. суу саатына келүүдө.

Кулуштан участкасында 8 трансформатор, 8 скважина бар, анын ичинен 6 скважина иштеп 380 куб. суу саатына келүүдө.

Так-Тек участкасында 4 трансформатор, 5 скважина бар, анын 2сү иштеп, саатына 120 куб. суу келүүдө. Шаар аймагында жалпысынан 384 км суу куурлары жайгашкан жана 32,5 км саркынды суу куурлары жайгашкан.

"Кызыл-Кыя сууканал" муниципалдык мекемеси тарабынан 2024-жыл ичинде таза суу куурларынын жарылган жерлеринин калыбына келтирилгени – 118, кудуктарды тазалоо – 72, задвижкалардын ревизия кылынганы – 48. Алмаштырылган задвижкалар: Д 400-2 даана, Д 300-4 даана, Д 150-16 даана, Д 100-29 даана алмаштырылды.

– Шаардын ичинде жалпы жолдордун суу өткөн чуңкурларына шагыл төшөө жумуштары аткарылды;

2024-жыл ичинде жалпысынан 2847 метр аралыкта суу куурлары тартылып, 770 метр аралыкка саркынды суу куурлары тартылып, жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аткаруу үчүн жалпы 10 380 122 сом акча каражаты жумшалган.

Чоң Жин-Жиген айылынын көчөсүнө таза суу куурларын орнотууга 497 194 сом акча каражаты жумшалып, 1670 метр аралыкка таза суу куурларын орнотуу жумуштары аткарылды.

Жин-Жиген айылынын Достук көчөсүнө таза суу куурларын орнотуу үчүн 1425306 сом акча каражаты жумшалып, 1100 метр аралыкка таза суу куурлары жана 1 даана насос орнотулган. Жин-Жиген айылынын 3 км ички жолдору атайын техника грейдер-

# ...ы 3 принцип, ... алып барат»



дин жардамы менен тегиздөө жумуштары аткарылган.

### Жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган иштер

Өткөн жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен жалпы 4 932 128,66 сом акча каражаты жумшалып, жумуштар аткарылды.

Токтогул көчөсүндө 1 км аралыктагы таза суу кууру жаңыланып алмаштырылды, Токтогул көчөсүнө саркынды суу куурларын орнотуу боюнча 2023-жылы тендер өткөрүлүп, жалпы суммасы 3 997 271,25 сомду түзүп, 800 метр аралыкта орнотулуп, ал эми калган 700 метр 2024-жылы курулуп бүткөрүлдү. Жусубалиев көчөсүндөгү жаңыдан курулган Неврология бөлүмүнө саркынды суу куурун жана таза суу куурлары Жусубалиев көчөсүндөгү борбордук куурларга улоо иштери аткарылды. Киргизская жана Орозбеков көчөсүнө керектүү каражаттар алынып, таза суу кууру жаңыланып, ар бир кожолукка суу эсептегичтер менен таза суу кууру тартылып берилди.

Киров көчөсүнө керектүү каражаттар алынып, таза суу кууру жаңыдан тартылып, ВОС-тун алдынан Киров көчөсүнүн жогорку жагына карай 2215 м Д-110 болгон суу кууру тартылууда. Токтогул көчөсүнө керектүү каражаттар алынып, 525 м Ш 300 болгон эскилиги жеткен темир куурун алмаштырууга даярдалды.

### Айыл чарба тармагы айтаарлык...

Мал чарбанын негизги продукцияларын өндүрүү темпи мурдагы жылдын деңгээлинде. Себеби, 2024-жылдын 12 айында эт (тирүү салмакта) 824,2 т (100,1%), сүт 2613,3 т (100,2%), жумуртка 1990,2 миң даана (100,1), жүн 21,6 т. өндүрүлдү.

«Караван» АБ та жалпысынан 2014 га айдоо жер бар, ГСУ – 40 га, №8 лицейдин – 72 га, элдин үлүш жерлери – 1576 га түзөт.

Мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунун (КБФ) – 326 га айдоо жерди түзүп анын ичинен 233 га суулуу, 93 га кайрак. Суулуудан – 233 га, кайрактан 93 га жер ижарага берилген, андан түшкөн ижара акысы 1005 000 сомду түздү.

Айылдык товар өндүрүүчүлөрдү колдоо максатында Кызыл-Кыя шаарынын аймагындагы дыйкандарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан берилген 6% жеңилдетилген шарттагы насыялар “Айыл Банк” жана “РСК” банктарынын шаардагы филиалдары аркылуу 53 дыйкан, фермерге – 24,6 млн. сом жеңилдетилген насыя берилген. Ошондой эле лизинг (КАПК) аркылуу эки жаранга айыл-чарба техника сатып алуу үчүн 5,5 млн. сом берилген.

### “Караван” аймактык башкармалыгында аткарылган иштер

– “Караван” аймактык башкармалыгынын 2024-жылдын жергиликтүү бюджети 18 000 000 сомго бекитилген.

Караван айылына 7 500 000 сом, Ак-Булак айылына 7 500 000 сом, Жин-Жиген айылына 3000 000 сом бөлүнгөн.

Ушул каражаттын негизинде, Караван айылынын ички жолдоруна, Усенбаев, Алимбаев, Куренкеев, А.П.Гайдар жана А.Осмонов көчөлөрүнө асфальт төшөө жумуштары аткарылды.

Мындан сырткары, Караван айылынын Шор участкасына 75600 сом акча каражаты жумшалып, 14 даана электр мамычасы жана 500 метр электр линиясы орнотулган;

Ошондой эле, Шүкүрбеков көчөсүнө 15 даана түнкү жарыктаткычтар орнотулган.

### Ак-Булак айылына 7,5 млн. сом бөлүнгөн

– Шаарга караштуу Ак-Булак айылынын Набережная жана Свердлов, Ирадан көчөлөрүнүн жолдоруна асфальт төшөө жумуштары аткарылды.

Ошондой эле, Бай-Тейит участкасына асфальт төшөө жумуштарын аткаруу максатында долбоордук-сметалык документация (ПСД) даярдоого – 119 000 сом акча каражаты жумшалып, ПСД даярдалды.

Ак-Булак айылынын Орто-Кыштак көчөсүнөн Бай-Тейит участкасына чейинки 415 метр аралыкка асфальт төшөө жумушуна – 2 140 489 сом акча каражаты жумшалып, Ак-Булак айылынын Сапог участкасына 25 даана түнкү жарыктаткычтар орнотулду.

### Билим берүү тармагы колго алынган

– Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнө 2024-жылдын 15-октябрында КР Билим берүү жана илим министрлигинен республикалык бюджеттин эсебинен акча каражаты бөлүнүп берилген.

Билим берүү мекемелериндеги ондоп түзөө иштерин аткаруу үчүн сметалар түзүлүп, тендер жарыяланып, жеңүүчүлөр аныкталып, №7, №2, №11 орто мектептеринин чатырларын толугу менен жаңылап алмаштыруу боюнча келишимдер түзүлгөн, күн жылыган мезгилде жумуштар башталат. Ал эми №6 жана №12 орто мектептеринде жылуулук системаларын алмаштыруу боюнча жумуштар аткарылууда.

Өткөн жылы кышкы сезонго даярдыктар өз учурунда аткарылып, мектептерди жылытуу системасында көйгөйлөр болгон жок.

### Саламаттык сактоо тармагы боюнча

– Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБна 2024-2025-жылдарга пландалган 320 тонна көмүр (төрөт бөлүмүнө жана ГСВ) мамлекеттик сатып алуу порталына сатып алууга жарыяланып, келишимдер түзүлгөн, графикке ылайык 320 тонна, б.а. 100% көмүр ташылып келинген.

2024-жылдын Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБнын негизги имараты жана балдар бөлүмү “Кызыл-Кыя жылуулук” муниципалдык ишканасы тарабынан жылуулук менен камсыздалууда.

Жалпы дарыгерлер практикалык борборунун бөлүмдөрүнө кошумча желдеткичтер орнотулуп, генераторлор менен камсыздалган.

### Мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу

– 2023-2024-жылдын 31-декабрына карата Кызыл-Кыя шаары боюнча өз билемдик менен мыйзамсыз курулуш куруп алган курулмаларынын саны 250 объектти түзүп, мыйзамсыз экендиги аныкталган алардын ичинен:

– Берилген эскертүүлөрдүн негизинде өз ыктыяры менен баштапкы калыбына келтирилген – 103 жаран;

– сотко өткөрүп берүү үчүн даярдалууда – 50 жарандын объектиси;

– эскертүүлөр берилүүдө – 58 жарандын объектиси;

– сотко өткөзүлүп берилди – 24 жарандын объектиси;

– САКБга – 14 объектиси;

– Баткен региондук мамлекеттик архитектура-курулуш көзөмөлдө башкармалыгына – 1 объектиси;

Ал эми 13 жаранга айып пул салынган жана КРнын Президентинин №109 жарлыгын натыйжалуу ишке ашыруу максатында тиешелүү иш-аракеттер жасалууда.

### 56 тейлөө объекттери мыйзамсыз сызыктан чыгып кеткен

– Кызыл-Кыя шаардык мэриясы тарабынан 2023-жылдын 27-апрелинде №100 токтому иштеп чыгылып аткарууга алынган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусунун ыйгарым укту өкүлүнүн 2023-жылдын 25-июлундагы №229 буйругуна негиз, 2023-жылдын 4-сентябрында №321-б буйругу менен комиссия курамы бекитилип, жарлыкты натыйжалуу ишке ашыруу багытында иш-аракеттер жүргүзүлүүдө.

Жарлык чыккан күндөн тартып 2024-жыл жыйынтыгы менен шаар боюнча жалпы Ош – Баткен – Раззаков автожолунун 75-чакырымынан 85-чакырымына чейинки аралыкта магистралдык жолдун боюндагы кызыл сызыкка чыгып кеткен 56 тейлөө объекттери аныкталган. Жайында чыгылып, 56 объектке акт түзүлүп, эскертүүлөр Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматынын Баткен аймактар аралык бөлүмү тарабынан берилген. Берилген эскертүүлөр негизинде учурда 53 объект ээлери өз ыктыярлары менен курулмаларын бузуп алышкан. (94,6% буздурулуп баштапкы калыбына келтирилген). Ал эми калган 3 объект боюнча тиешелүү иш аракеттер жүргүзүлүүдө (анын ичинен эскертүүлөр берилгенине карабастан жер тилкесин баштапкы калыбына келтирбеген 1 объект сотко өткөрүлүп берилди, ал эми калган объектилерге эскертүүлөр берилүүдө).



### Шаардын ички көчөлөрүн оңдоо, арык каналдарды тазалоо жумуштары

– 2024-жыл ичинде шаар көчөлөрүнө 3904 м³ шагыл ташылып төгүлүп, 3347 метр аралыктагы каналдар казылды, 1415 метр арыктар тазаланып 1952 м³ таштандылар ташылып чыгарылды. 280 метр аралыкта темир-бетон лотоктор тазаланды. 88 м³ майдаланган шагыл, 184 м³ кара топурак ташылды.

2024-жылдын 12 ай ичинде жалпы муниципалдык менчик департаменти тарабынан жергиликтүү бюджет эсебинен жалпы 73,4 млн. сом акча каражаты жумшалган.

### Демөөрчүлөр тарабынан аткарылган жумуштар

– «Караван» аймактык башкармалыгынын Караван айылынын элинин демилгеси менен №8 Н.Мусаев атындагы кесиптик лицейдин жанына жаштар үчүн эс алуу аллеясы курулуп, пайдаланууга берилди. Сметалык наркы 2 700 000 сомду түздү.

Караван айылынын №265 контурунда Фезлиев Ысмайыл тарабынан жеке каражатынын эсебинен жер астынан скважина каздырып, дыйкандар сугат суусу менен камсыздалды, сметалык наркы 2500 000 сомду түздү.

### “Кызыл-Кыя жылуулук” мекемеси эл кызматында

Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы тарабынан 2024-жылдын 11-майында “Ош райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк” МИ карамагында турган “Кызыл-Кыя жылуулук камсыздоо ишканасын” Кызыл-Кыя шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүү жөнүндө” №134 сандуу токтому кабыл алынды.

Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2024-жылдын 25-сентябрындагы №63 сандуу токтому менен мекеменин штаттык бирдиги бекитилип, жалпысынан 63 кызматкер бекитилген.

2024-2025-жылдын күз-кыш мезгилине карата даярдык иштери белгиленген пландын негизинде аткарылууда. Мекеменин от казандарын ремонттоо иштери жана жылуулук борборунун жабдууларын ремонттоо иштери жүргүзүлдү. Жылуулук берүүнү жакшыртуу максатында 108 мм жылуулук куурлары 158 мм болгон куурларга алмаштырылды, жалпы узундугу 600 метр. Ошондой эле, сапаттуу жылуулук берүүнү камсыздоо максатында шаар ичиндеги 1700 метрди түзгөн (диаметри 250, 170) жылуулук куурларын алмаштыруу зарылчылыгы бар болгон. Анын ичинен Кызыл-Кыя шаарынын Ленин көчөсүндөгү 200 метр аралыктагы (2 линия 400 метр) жылуулук куурларын алмаштыруу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 540 000 (беш жүз кырк миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилип, жылуулук куурлары жаңыланып алмаштырылды.

Себеби, аталган аралыктагы жылуулук куурларынын эскилиги жеткендигине байланыштуу жогорку басым менен жылуулук берүүдө кооптуулук пайда болот.

Мекемедеги 3 откана толугу менен оңдоодон өткөрүлүп бүткөрүлдү. Насос, фильтрлерге ревизия жүргүзүлүп ондоп түзөө, майлоо тетиктерди алмаштыруу жумуштары аткарылган.

Быйылкы 2024-2025-жылдын күз-кыш мезгилине карата “Кызыл-Кыя жылуулук” ишканасына 7000 т көмүр керектелет. «Ош райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмеси» тарабынан тендерге берилип, жыйынтыгында жеңүүчү аталган жеке ишкер Субанкулов Кайрат менен көмүрдү сатып алуу боюнча келишим түзүлгөн.

Бүгүнкү күнгө карата “Кызыл-Кыя Жылуулук” муниципалдык ишканасына аталган жеке ишкер тарабынан 4500,0 б.а. 64,2% тонна көмүр ташылып келинген. Көмүрдүн калган бөлүгүндө бекитилген графикке ылайык ташылып келүүдө.

Мелис Абакиров – 85

# Калемдештерин ар качан алга сүрөгөн эл жазуучусу

**... Шаарым. Бишкегим. Эл агымы токтобойт. Алардын арасынан издейм... Баары кадырлаган, орду толгус, биз үчүн улуу инсан Мелис байке оюмда. "Кап! Быйыл, 15-мартта 85 жашка чыкпайт беле?" – деп өкүнөм... Карайм, көчө толгон адамдардын арасынан издейм, учурата албай убараланам...**

... Адамдар ар түрдүү болот. Атүгүл эгиздер да бири-бирине окшош боло бербейт. Адамдын калыптанышына көп нерсе түрткү болот турбайбы... Бир күнүн алтынга бергис жашоонун кымбаттыгын көп баамдай албайт экенбиз да...

"Биринчи көргөн учур – эч эстен кетпейт" деп айтылгандай, Мелис байке менен алгачкы ирет «Советтик Кыргызстан» – азыркы «Кыргыз Туусу» гезитинде кездешкен күн али көңүлдө. Ачык-айрымдыгы, эски таанышындай дароо кепке тарткандыгы, сүйлөгөн сөзү күлкү менен коштолуп, нурлуу жүзүнө төп келип турганы, ар кимге бирдей жылуу мамиле жасаганы азыр да эсте.

Канча деген мыкты-мыкты журналисттер, жазуучулугу менен таанылган калемгерлер иштеген өтө барктуу гезитте Мелис Абакировдун орду өзгөчө экени ачык сезилип турчу. Жазган очерк, макалалары, фельетондору көркөмдүк жагынан айырмаланчу. өзгөчө, өтө кылдаттыкты, накта чыгармачылыкты талап кылган фельетон жазууда көрүнүп, редакция жыйындарында дайыма макталчу. Ушундан улам Мелис байкенин гезиттин көркөмдүк деңгээлин көтөрүүгө, чыгуу нускасынын 170-180 миңге жетишине кошкон салымы абдан сезилерликтей эле.

Ошо кезде, 1971–1979-жылдары биз сыймыктанган Мелис байке бул гезитте адабий кызматкер, өз кабарчы, жооптуу катчынын орун басары болуп иштеди. Чыгармачылык иште айырмаланып, сый-урматка бөлөнүп келди. Ушундай учурда, кадыр-баркы көтөрүлүп, гезит үчүн өтө керектүү калемгер болуп турган маалда Мелис байкенин башка кызматка кетиши көпчүлүк үчүн күтүүсүздөй сезилди. Кээси муну такыр эле туура көрүшпөдү.

Мелис байке болсо адабият чөйрөсүнө тезирээк аралашууну эңседи. «Кечигип жатам...» деп түшүндүрдү устатыбыз. Буга чейин дурус баага арзыган аңгемелерине улай жакшы-жакшы повесть, романдарды жазууну ойлоду. Чакырып жатышкан соң, адабиятка чындап киришүү үчүн Кыргыз ССРинин Мамлекеттик басма комитетинин башкы редактору кызматына которулду. Анда иштей баштаганы өзү жөнүндө гана ойлобой, чыгармачылыгы үмүт арттырган курбуларын, жаштарды бул комитеттин «Адабият», «Мектеп» басмаларында иштеп калууларына камкордук көрдү. «Кечигип жатасыңар...» деп шаштырып, «Советтик Кыргызстандан» эң алды Анатай Өмүркановду, Бекбай Алыкуловду, кийин Көкүл Жамангуловду жана башкаларды мында иштөөгө чакырганы көпчүлүгүбүзгө белгилүү.

Жаңы кызматта Мелис Абакиров



жакшы иши менен көрүндү. Чыгармачылык жагынан да өзүн көрсөттү. Адеп, 1982-жылы «Алмалуу бак», андан соң - 1990-жылы «Алчалуу төр» повесттери жарык көрдү. Калемгердин бул чыгармалары көркөмдүк деңгээли, окуялардын, адамдардын тагдырларынын чагылдырылышы боюнча мыкты баага ээ болду. Окурмандардын купулуна толду. Муну менен Мелис байке адабият чөйрөсүнө аралашууга шашылганы бекер жеринен болбогонун ачык далилдеди алды.

Мындан соң көркөмдүк деңгээли бийик, кыргыз элинин өткөн кылымдагы жашоо-турмушу, тарыхы, элин жетектеп, жерин коргогон белгилүү инсандардын кулк-мүнөзү, жасаган иштери чагылдырылган «Көкөйкести» жана «Барымта» романдары басылып чыкты. Ушул мыкты романдары, мурдагы жана кийинки «Эрөөл», «Байтерек бааны» повесттери жана чет элдик көрүнүктүү жазуучулардын китептерин эң жакшы которуу менен Мелис Абакиров кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө эбегейсиз зор салым кошо алды.

Мелис байкенин дагы бир унутулгус зор эмгеги – өзү 1983-жылдан мүчөсү болгон чыгармачылык союздун ишин алдыга жылдыруу үчүн күч-аракетин аяган жок. Улуттук жазуучулар союзунун секретары болгондо да, кийин да көптөгөн иштердин бүткөрүлүшүнө жетишти. Айтор, улуу устатыбыздын ой-санаасы, жашоосу ар дайым Жазуучулар союзу менен өтө тыгыз байланышта болду.

Мыкты журналист, көркөм сөз чебери Мелис Абакиров эмгегине жараша сый-урматка бөлөнүп келди. Совет мезгилинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланса, өлкөбүз эгемендикке жеткен жылдары «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» жана «Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу» ардактуу наамдарына, жогорку сыйлык – «Манас» орденине татыктуу болду.

Биз, Мелис байке менен замандаш болгонубузга, бирге иштешип калганыбызга сыймыктанабыз. Ошондо баамдаганым: Мелис Абакиров – таң каларлыктай жөнөкөй, абдан билимдүү, адабият, тарых, санжыраны өтө терең билген, ар нерсеге калыс мамиле жасаган, чындыктан кылча да тайбаган, түз сүйлөп, түз жүргөн, эч бир мактанбаган, өзүнө карата айтылган мактоо сөздөрдү көп жактыра бербеген, эмгекчилдиги менен тоо этегинде, суу боюнда жайгашкан дачасын, мөмөсү төгүлгөн алма – багын мыкты күтө билген, деги өрнөктүү жактары менен айырмаланган мыкты инсан эле. Улууларга, ар кимге жасаган сый мамилесин, агасы атактуу инсан Эмилбек Абакировду дайыма «Эмике», «Эмикем айтканда...» деп кастарлап келгенин көрүп, өзүнчө эле чоң таасир алчубуз. Досторун, классташтарын, курсташтарын, туугандарын ар ким Мелис байкедей чын пейилден сыйласа деген ойго кетпей койбойсуң. Ал эми жаштарга, шакирттерине жасаган мамилеси да өзгөчө эле. «Жакшы жүргүлө», «Көп окугула, жазгыла, көшөрө иштегиле», «өз баааңарды билгиле», «Төмөндөбөй, ар дайым ар-намыстуу, бийик болгула», – деген акыл-насаатын айтып, жан курбудай жаштар менен бирге жүргөндү жактырчу. Деги, улуу устатыбыздын өрнөктүү жактарын сезип, үлгү тутканыбыз биз үчүн чоң байлык болду.

"Жакшы адам сымбатынан жазбайт" деген баа байкеге карата айтылгандай туюлчу. Жашы өйдөлөсө да, жаш кезиндегидей ылдам, тың, шайдоот жүргөнү мектепте, кийин даңктуу Кыргыз мамлекеттик университетинен окуган мезгилде да эркин күрөш менен машыгып, нечен мелдештерде жеңишке жетип, сыйлыктарга ээ болуп келди. Ар дайым спортко күйөрман болуп, күрөшкө түшкөн жаштарды көрсө, "жамбашка сал", "торой чал", "так көтөрүп, артка ийиле чап" деп айтып, кызуу сүрөп тураар эле.

Мелис байке үчүн – Бегимжан эже кымбат жана сүйүктүү жар болсо, балдары жашоодогу жарык нур, жагымдуу маанай тартуусу болуп калды.

Өзгөчө адамкерчилик касиеттери, эң мыкты калемгерлиги, таасын таланты менен таанылган, Кыргызстандын китеп басма ишине көп жылдык үзүрлүү эмгегин арнаган Мелис Абакиров өзүнүн 85 жылдыгына бир аз жетпей биздин арабыздан кеткени абдан өкүнтөт… Ошондон эки жума мурда бирге болдук эле. Мелис байке баягысындай, кадимкисиндей ар бирибизге сый мамиле жасап, жакшы сөздөрүн айтып, чогуу болууну самагандай, кадырлаша түбөлүк бирге өмүр сүргөн Бегимжанынын үйдө күтүп жатканын сезгендей, бир чети биздин жаныбыздан кеткиси келбегендей, жүзү дегеле нурлуу да, сүйкүм да көрүндү...

Табиятынан тирикарак, дилгир, адамкерчиликтүү, сезимтал, кымбат өмүрдү майда ишке коротпой, баалай билген, өтө билимдүү жана талanttуу болсо да, аны пайдалана билбегендерди түшүнө албаган, жаны ачыша дайыма эскертип айтып келген, чыгармачыл жаштарды, калемдештерин ар качан алга сүрөгөн, океандай чалкыган көркөм сөз дөөлөттөрүн элине тартуу катары калтырып кеткен, Эл жазуучусу Мелис Абакировдун жаркын элесин, адабиятка жана кыргыз журналистикасына кошкон баа жеткис салымын биз – кесиптештери, калемдештери жана замандаштары эч унутпайбыз. Анын, кыргыздын көрүнүктүү калемгерсүрөткерүнүн атын өзү жашап, көптөгөн сонун чыгармаларды жазган борбор шаардагы көчөгө жана көптөгөн шаар китепканаларынын бирине ыйгаруу туура болоор эле... Ошондой эле, мыкты эмгеги жана чыгармачылыгы менен жердештерин, элин кубантып келген Эл жазуучусунун ысымын түбөлүккө калтыруу иштерин өзү туулуп-өскөн, он жылдыгы бүтүргөн Чүй районунда жашаган улуу-кичүү, тиешелүү мекемелер көңүлдөн сырт калтырбас...

...Убакыт учкан куштай тез өтүп жатат. Бизге көрүнүктүү жазуучу Мелис Абакиров жетишпей жаткандай сезилет. Бул – чоң сүрөткердүн орду биздин коомдо ченемсиз зор болгонун, анын өлбөстүгүн, жазып калтырган көркөм чыгармалары дайыма окула берерин, мыкты очерк, фельетондору, аңгеме, повесть, романдары жогорку окуу жайларынын журналистика жана филология факультеттеринин студенттерине чеберчилик боюнча окуу материалы катары окутула турганын, улууларга таянч болгудай инисиндей, кичүүлөргө жөлөк болчу агасындай мамиле жасаганын, адам деген атка татыктуу боло алгандыгын эстеп, жагымдуу мүнөз – сапаты, элеси ойдон кетпей турганын сезип, бир аз жеңилдегендей болобуз. Өзү түбөлүк орун тапкан жайына коюлган, эң алды татыктуу жар, акылкөй түгөй Бегимжан эженин демилге-аракети менен бүткөрүлгөн, эле – турпаты дал өзүндөй чагылдырылган эстелигин көргөндө, өмүрү өрнөк инсаныбыз жаныбызда тургандай, дайым тирүүдөй сезилет.

Ооба, жакшы адамдар, улуу инсандар эч унутулбайт...

**Курманбек РАМАТОВ,**
**Журналисттер союзунун төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси**

Кыргыздын 100 керемети

# Тарыхты өзгөрткөн 100 инсан

(Башталышы өткөн санда)

## Байтик баатыр

**(1822 же 1823-1886)**

Байтик баатыр – XIX кылымдын 60-жылдарынын башында Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөштүн башчыларынын бири. Чүй өрөөнүндөгү солто уруусунун атактуу манаптарынын бири. 1860 жана 1862-жылы Кокон хандыгынын аскерлери турган Пишпек чебин курчоого алган кыргыздары жетектеген. Орус аскерлери жетип келип, 1862-жылы октябрда Пишпек чебин талкалагандан кийин Байтик баатыр өзүнүн 200 жигити менен аларга кошулуп, Олуя-Атага жасалган жортуулга да катышкан. Россия менен байланышты чыңдоодо чоң роль ойногон. Солто, сарыбагыш, саяк ж. б. кыргыз урууларынын өкүлү катары Москвага чакырылган. Ага орус падышалыгына кылган кызматы үчүн капитан даражасы берилген. Анна тасмасына тагылуучу чоң алтын медаль, Станислав ордени, баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

## Молдо Нияз

**(1823-1896)**

Ал Оштун азыркы Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында туулган. Жергиликтүү жана Кашкар шаарындагы медреселерден билим алган. Түндүк кыргыздар да анын чыгармаларын өз оозунан угуп, жогору баалаган. Молдо Нияз өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык темаларын философиялык сопучул мазмундагы ырларында чагылдырган. Анын чыгармаларынын ушул мазмунда болушу чыгыш поэзиясын жакшы өздөштүргөндүгү менен түшүндүрүлөт. Молдо Нияздын поэзиясында этикалык нормалардын, моралдын, элдеги ар кандай социалдык катмарлардын дүйнөгө болгон көз караштары чагылдырылган. Анын «Санат ырларынын» жети китепчеден турган кол жазмаларынын төртөө белгисиз калса да калган үчөө кыргыздын алгачкы жазуу мурасы катары баалуу. Жазгыч акын Молдо Нияздын салтын Кыргызстан Россияга каратылгандан кийинки мезгилде бир катар чыгармачыл адамдар улантышкан.

## Арстанбек Буйлаш уулу

**(1824-1878)**

XIX кылымдагы кыргыз акындарынын бири. Анын «Тар заман» деп аталган ыр түрүндөгү чыгармаларында диний, патриархалдык-феодалдык маанайдагы ойлор да камтылган. Арстанбектин чыгармачылыгы кыргыз поэзиясын, көркөм ой мурасын иликтөөдө баалуу даректерден болуп эсептелет.

## Бишкек баатыр

**(XVIII кылым)**

Бишкек баатыр (Эр Көбөк уулу Бута) – (1700-1755-57-жж.) – XVIII кылымда жунгар (ойрот) баскынчыларына каршы согушта кыргыз армиясынын кол башчысы, Эл башы болгон. Ал Бердике берен, Эр Садыр, Итим баатыр, Сатыке баатыр, Жайыл баатыр, Түктүү баатыр, Атаке баатыр, Эр Солтоной сыяктуу кыргыз баатырларынын башын бириктирип, үлкөн армия түзүп, жунгар (калмак) аскерлерин кыргыз жеринен сүрүп чыгарууда зор салым кошкон. Бүгүнкү күндө, Кыргыз Республикасынын борбор шаары Бишкек баатырдын наамын алып, Бишкек шаары аталып келет.

## Жангарач бий

**(1801 же 1802–1864)**

Солто уруусунан чыккан чоң манап. Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү менен Талас өрөөнүн бийлеген. Байтик баатыр экөө ага-ининин балдары. Кыргыздардын борбордошкон мамлекетин түзүү үчүн күрөшкөн. Ормонду хан көтөрүүгө



жигердүү катышкан. 1848-жылы казак ханы Кенесары Касым уулу Чүйгө кол салып киргенде Ормон хан менен бирдикте анын колун талкалоого жигердүү катышкан. Кокон хандыгы менен өз ара ыңгайлуу дипломатиялык мамиледе болгон. Солто уруусу менен башка кыргыз урууларынын ынтымагын бекемдөөгө чоң салым кошкон. 1864- жылы жазында М. Черняев Чүй өрөөнүнө кокондук аскерлерди сүрүп киргенде, Жангарач Талас өрөөнүнө чегинип, орус падышалыгынын баскынчыл саясатына каршылыгын билдирген.

## Боромбай бий Меңмурат уулу

Боромбай Меңмурат уулу (туулган жылы белгисиз – 1858-жыл) бугу уруусунун чоң манаптарынын бири. 1843-жылы Жууку суусунун боюндагы Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп курдуруп, аны ордо кылган. 1844-жылы ал бугу уруусунун атынан Батыш Сибирдеги орус падышалыгынын бийликтерине букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү менен элчи жиберген. 1848-жылы дагы бир ирет орус бийликтерине кайрылган. 1853-жылы Боромбай орустун полковник чинин алган. Анын элчилери 1854-жылы сентябрда Омскиге келип, 1855-жылы 17-январда бул шаардан Россиянын букаралыгына өтүү жөнүндө ант беришкен. 1855-жылы бугу менен сарыбагыш уруулары чабышкан кезде Текести жердеп калган. Бугу уруусун сактап калуу үчүн Кытайдан жардам сураган, бирок, көмөк ала алган эмес.

## Шабдан Баатыр

**(1839-1912)**

Шабдан Жантай уулу (1839-1912-жж.) – Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап, Жантай хандын уулу. Чүйдүн Көк-Жар жайлоосунда туулган. Жаштайынан эле саясий турмушка аралашкан. 1860-жылдын акырында Кокон хандыгынын колбашчысы Канат-шаага кошулуп Ташкентке барган. Узун-Агачтын жанындагы орус аскерлерине каршы урушка катышкан. Ташкент шаарын коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн Кудаяр хан аны Түркстан шаарынын беги кылып дайындаган. Бирок, анда иштебей, атасынын таасири менен орустарга кошулуп, өмүрүнүн аягына чейин орус падышасына кызматын өтөгөн. Ал Токмоктогу уезддин начальниги жана Жети-Суу аскер губернатору менен тыгыз байланышта болгон.

## Полот хан

**(1844-1876)**

Полот хан, Искак Асан уулу – 1873-1876-жылдары Кокон хандыгына каршы антифеодалдык жана орус баскынчыларына каршы антиколониялык мүнөздөгү көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири. Маргалаң уездинин Охна кыштагында (азыркы Кадамжай районунун А. Орозбеков айылы) бостон уруусунан чыккан Асан молдонун үйүндө туулуп, медреседен билим алган. Дин кызматкери болуп бир аз иштеп, аны таштайт да, Анжиянга келип Кокон ордосуна таанымал Абдымомун аталыкка жигит болот. Андан таалим-тарбия алып саясатка кызыгы арткан.

## Кубат бий

**(XVIII)**

XVIII кылымдын экинчи жарымында ичкилик кыргыздары бийлеген феодалтөбөл, кол башчы. Кушчу уруусунан чыккан. Ага Алай жана Ферганынын батыш бөлүгүндөгү кыргыздар (Ош, Өзгөн шаарлары менен кошо) караган. Кубат бий 1754-жылы Оро-Төбөдөгү феодалдык чакан мамлекетке каршы күрөшкөн Эрдана бийдин союздашы болгон. Бирок, кийин алардын мамилеси бузулуп, кокондуктар менен өз ара байланыштары үзүлгөн. Кубат бий өз алдынча бийлик ээси болуп, каалаган бийлик ээси менен карым-катнаш түзүп же аны бузуп турган. XVIII кылымдын 50-жылдарынын акырында Кубат бийдин аскерлери Чыгыш Түркстандагы «актоолук» кожолордун калмак бийлигине каршы күрөшүнө да катышкан.

## Жеңижок

**(Өтө Көкө уулу)**

**(1859–1918)**

Өтө Көкө уулу (1859-1918) – ырчы, төкмө акын, Талас өрөөнүндө туулган. «Жеңижок айтышарга теңи жок» деп айтылат. Төкмө өнөрүндө эч кимден жеңилген эмес. «Аккан суу» ыры – чоң философиялык мааниге ээ. Төгүлгөн жамгырдай шыр айткан төкмө. Жашынан томолой жетим калып, Аксы, Анжиян тараптагы таякелеринде, кийин Кара-Суу кыштагындагы жакын таякеси Айныкеникинде жүргөн. Ырчы атыгып калганда Фергана, Кетмен-Төбө, Талас өрөөндөрүн кыдырган. Ал тарбиялык мааниси терең, уккандын акылына уюй турган кептерди уйкалыштырып айткан чоң нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» сыяктуу дастандарды күндөп-түндөп айткан жомокчу, жаза билген билимдүү адам болгон. Караван базарында эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш Өтө шарыят жайын ырдаган Нурмолдо менен айтышып ("Нурмолдо менен Жеңижоктун айтышы") жеңип чыгат.

## Канат хан

**(1860-1916)**

Канат Ыбыке уулу (туулган жылы белгисиз, Кочкор өрөөнү – 1916, Алматы ш.) – 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөшүн жетектегендердин бири. Кочкор өрөөнүндөгү Абайылда болуштугунун эли өздөрүнүн болушу Канатты хан көтөргөн жана ага баш ийүүгө ант беришкен. Анын аскерлери Чүйдөгү орус кыштактарын талкалап, 13-22-августта Токмок шаарын камалаган. Канат хан жетектеген көтөрүлүшчүлөр Алматы, Ташкенттен келген 1,6 миң падыша аскерлери менен беттешип, замбирек, мылтык менен куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү менен жан аябай салгылашкан. Бирок, көтөрүшчүлөр жеңилүүгө учурашкан. Канат хан колго түшүп, падыша өкмөтү тарабынан Алматы (Верный) шаарында атылган.

## Тоголок Молдо

**(1860-1942)**

Тоголок Молдо – жазгыч акын, ойчул. Манас айткан, кошок жазган жана чоң агартуучу болгон. Нарын өрөөнүндөгү Куртка деген жерде туулган. Молдодон окуп, кат тааныган. Ырды 14 жашынан жаза баштаган. 18 жашында Тыныбек жомокчуга жолугуп, «Манас» эпосун үйрөнгөн. Революцияга чейин өзүнүн жазган ырлары менен тамсилдеринде элдин азаптуу турмушун, бай-манап, кожо-молдолордун зыкымдыгын, залимдигин ашкерелеген. Совет өкмөтүн чоң кубаныч менен тосуп алып, кийинки бүт чыгармачылыгын жаңы заманды даңазалоого арнаган.

## Мураталы Күрөңкеев

**(1860-1949)**

Залкар комузчу, кыл кыякчы, чоорчу. Кыргыз ССР эл артисти (1939). 1928-1936-жылдары кыргыз театрында иштеген. Комуз менен кыл кыякта 100гө жакын элдик күү аткарган, өзү да көп күү «Кер өзөн», «Кыз кербез» ж. б.) чыгарып, кыргыз профессионалдык музыкасын өнүктүрүүгө зор салым кошкон.

## Токтогул Сатылганов

**(1864-1933)**

Кыргыздын демократ-акыны, ойчул, комузчу, обон-күү чыгарган чебер. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Сасык-Жийде айылында туулган. Бала кезинен ыр-күүгө шыктуу болгон, 13 жашынан айыл арасына ырлары тарала баштаган. Бай-манаптардын, кожо-молдолордун зулумдугун, алдамчылыгын ашкерелеп ырдагандыгы үчүн 1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан деген жалаа менен камалып, өлүм жазасына өкүм кылынган, кийин ал жаза кайра жеңилдетилип, 7 жылга Сибирге сүргүнгө айдалган. Улуу Октябрь революциясынын жеңишин ал «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду», «Жашагын, Кеңеш өкмөт», «Замана» сыяктуу ырларында даңазалаган. Токтогул Сатылганов насаатчы жана төкмө акын гана болбостон, элдик дастандарды айткан жомокчу катары да маалым. «Ак таңдай акын Токтогул» деген аты коюлуп, анын аты Токтогул ГЭСине жана Бишкектеги филармонияга берилген.

## Молдо Кылыч

**(1868-1917)**

Кыргыз элинин белгилүү жазгыч акындарынын бири Молдо Кылыч Шамыркан уулу болгон. Адегенде молдолордон билим алып, кийин өз алдынча билимин өркүндөткөн. Чыгыштын поэзиясын, чыгармачылыгын, философиясын өздөштүрүүгө аракет жасаган. 1911-жылы Казанда «Зилзала» («Жер титирөө») аттуу казалдар жыйнагы жарыяланган. Бул кыргыздын басмадан чыккан эң алгачкы поэтикалык чыгармасы болгон. Молдо Кылыч ошо кездеги элибиздин башка ойчулдары сыяктуу эле кыргыздардын коомдук турмушун чагылдырган. Феодалдык патриархалдык турмуш, социалдык теңсиздик, коомдогу үстөмдүк кылган идеология, анын философиялык көз карашын аныктаган. Кыргызстан Кокон хандыгына киргенден кийин кыргыздардын ислам динине кириши күчөгөн. Ушуга байланыштуу Молдо Кылычтын чыгармачылыгында диндин таасири күчтүүрөөк болгон.

**(Уландысы бар)**

**"Кыргыздын 100 керемети" китебинен**

## “БМЗ” ААКынын акционерлеринин жылдык чогулушу тууралуу маалымат 2025-жылдын 1-мартында акционерлердин биргеликте катышуусунда

Өткөрүлгөн жери – **Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспекти 1а, “Билимкана” коомдук фондунун жыйындар залы.**

Жалпы чогулуштун кворуму **2 561 481 добуш (85,4630 %)**

**1-маселе:** Эсептөө комиссиясынын курамы жөнүндө.

***Чечим:*** Сарымсакова Бурулсун Султановна, Вольгина Елена Николаевна жана Ниязалиева Рапия Мусаевнадан турган эсептөө комиссиясын шайлоо.

**2-маселе:** Башкармалыктын 2024-жылдын жыйынтыгына карата финансылык-чарбалык иштеринин отчету тууралуу.

***Чечим:*** Башкармалыктын 2024-жылдын жыйынтыгына карата финансылык-чарбалык иштеринин отчету кабыл алынган жок.

**3-маселе:** 2024-жыл үчүн көз карандысыз аудитордун корутундусу тууралуу

***Чечим:*** Коомдун жыл жыйынтыгы боюнча көз карандысыз аудитордун корутундусу эске алынсын.

**4-маселе:** Ревизордун 2024-жылга карата корутундусу тууралуу.

***Чечим:*** Коомдун 2024-жылдын жыйынтыгына карата ревизордун корутундусу бекитилсин.

**5-маселе:** 2024-жылга директорлор кеңешин жана аудиторду кармоого чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө.

***Чечим:*** 2024-жылга директорлор кеңешин жана аудиторду кармоого чыгымдардын аткарылышы бекитилсин.

**6-маселе:** Башкармалыктын коомдун 2024-жылга карата бюджетинин аткарылышы жөнүндө.

***Чечим:*** Башкармалыктын коомдун 2024-жылга карата бюджетинин аткарылышы боюнча отчету кабыл алынган жок.

**7-маселе:** 2024-жыл үчүн коомдун жылдык балансы, кирешелер жана чыгашалар эсеби жөнүндө.

**Чечим:** 2024-жыл үчүн коомдун жылдык балансы, кирешелер жана чыгашалардын эсеби бекитилсин.

**8-маселе:** 2024-жылга караша кирешени бөлүштүрүүнүн тартиби жөнүндө.

***Чечим:*** 2024-жылга караша кирешени бөлүштүрүүнүн тартиби бекитилсин.

**9-маселе:** Коомдун директорлор кеңешинин 2024-жылга карата ишмердүүлүгүнүн отчету тууралуу.

***Чечим:*** Коомдун директорлор кеңешинин 2024-жылга карата ишмердүүлүгүнүн отчету бекитилсин.

**10-маселе:** Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн 2025-жылы кармоого кетүүчү чыгымдарынын сметасы тууралуу.

***Чечим:*** Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн 2025-жылы кармоого кетүүчү чыгымдары бекитилсин.

**11-маселе:** 2025-жылга ревизорду кармоого чыгымдардын сметасы жөнүндө.

***Чечим:*** 2025-жылга ревизорду кармоого чыгымдардын сметасы бекитилсин.

**12-маселе:** Коомдун 2025-жылга карата жылдык бюджети жөнүндө

***Чечим:*** Коомдун 2025-жылга карата жылдык бюджети бекитилсин.

**13-маселе:** Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө.

**Чечим:** Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Бекова А.Н., Аманалиева Дж.Дж., Жанузакова М.Жнын ыйгарым укуктары токтотулсун.

***14-маселе:*** Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо жөнүндө.

**Чечим:** Беков А.Н., Аманалиев Дж.Дж., Жанузаков М.Ж директорлор кеңешинин мүчөлөрү болуп шайлансын.

**15-маселе:** Ревизордун ыйгарым укуктарын токтотуу боюнча.

***Чечим:*** Ревизор Нурмамбетов Ж.Жнын ыйгарым укуктары токтотулсун.

**16-маселе:** Ревизорду шайлоо жөнүндө.

***Чечим:*** Коомдун ревизору кылып Абдрахманов Сулайман Аманович шайлансын.

***17-маселе:*** Аудитордук уюмду жана 2025-жылга аудитордун кызмат акысын төлөөнүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө.

***Чечим:*** Коомдун аудитору катары “Улан-Нур-Аудит” ЖЧКсы шайлансын жана жылына 75 000 сом айлык акы берилсин.

**18-маселе:** Коомдун уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

***Чечим:*** Коомдун уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү бекитилсин.

**19-маселе:** «Кыргызиндустрия» ААКы менен мындан аркы кызматташуу жөнүндө.

***Чечим:*** «Кыргызиндустрия» ААКы менен мындан аркы кызматташуу токтотулсун.

**20-маселе:** 2025-жылдын 22-январындагы сырткы экономикалык келишимге ылайык, “БМЗ” ААКына өндүрүшкө лицензияны өткөрүп берүүнү жактыруу жөнүндө.

***Чечим:*** 2025-жылдын 22-январындагы сырткы экономикалык келишимге ылайык, “БМЗ” ААКына өндүрүшкө лицензияны өткөрүп берүү жактырылсын.

Коомдун уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча Ч. Айтматов 1 дарегинен маалымат ала аласыздар. Тел: **0707 636 571.**

## Информация о проведении общем годовом собрании акционеров ОАО «БМЗ», 01 марта 2025 года в форме совместного присутствия акционеров

Место проведения – **г. Бишкек, проспект имени Ч. Айтматова, 1а, Общественный фонд «Билимкана» актовый зал.**

Кворум общего собрания **2 561 481 голосов (85,4630 %)**

**Вопрос 1.** О составе счетной комиссии.

***Решение.*** Избрать счетную комиссию в количестве 3 человек в следующем составе: Сарымсакова Бурулсун Султановна, Волыгина Елена Николаевна, Ниязалиева Рапия Мусаевна.

**Вопрос 2.** Об отчете Правления об итогах финансово-хозяйственной деятельности Общества за 2024 год.

***Решение.*** Отчет Правления об итогах финансово-хозяйственной деятельности Общества за 2024 год не принято.

**Вопрос 3.** О заключении независимого аудитора за 2024 год.

***Решение.*** Заключение независимого аудитора по итогам деятельности Общества за 2024 год принять к сведению.

**Вопрос 4.** О заключении Ревизора за 2024 год.

***Решение.*** Заключение Ревизора по итогам деятельности Общества за 2024 год утвердить.

**Вопрос 5.** Об исполнении сметы расходов на содержание Совета директоров и Ревизора за 2024 год.

***Решение.*** Исполнение сметы расходов на содержание Совета директоров и Ревизора за 2024 год утвердить.

**Вопрос 6.** Об отчете Правления об исполнении бюджета Общества за 2024 год.

***Решение.*** Отчет Правления об исполнении бюджета Общества за 2024 год не принято.

**Вопрос 7.** О годовом балансе, счете прибылей и убытков Общества за 2024 год.

***Решение.*** Годовой баланс, счет прибылей и убытков Общества за 2024 год утвердить.

**Вопрос 8.** О порядке распределения прибыли за 2024 год.

***Решение.*** О порядке распределения прибыли за 2024 год утвердить.

**Вопрос 9.** Об отчете Совета директоров Общества о своей работе за 2024 год.

***Решение.*** Отчет Совета директоров Общества о своей работе за 2024 утвердить.

**Вопрос 10.** О смете расходов на содержание членов Совета директоров на 2025 год.

***Решение.*** Смету расходов на содержание членов Совета директоров на 2025 год утвердить.

**Вопрос 11.** О смете расходов на содержание Ревизора на 2025 год.

***Решение.*** Смета расходов на содержание Ревизора на 2025 год утвердить.

**Вопрос 12.** О годовом бюджете Общества на 2025 год.

***Решение.*** Годовой бюджет Общества на 2025 год утвердить.

**Вопрос 13.** О прекращении полномочий членов Совета директоров.

***Решение.*** Прекратить полномочия членов Совета директоров Бекова А.Н., Аманалиева Дж.Дж., Жанузакова М.Ж.

**Вопрос 14.** Об избрании членов Совета директоров.

***Решение.*** Избрать членов Совета директоров Беков А.Н., Аманалиев Дж.Дж., Жанузаков М.Ж.

**Вопрос 15.** О прекращении полномочий Ревизора.

***Решение.*** Прекратить полномочия Ревизора Нурмамбетов Ж.Ж.

**Вопрос 16.** Об избрании Ревизора.

***Решение.*** Избрать Ревизором Общества Абдрахманова Сулаймана Амановича.

**Вопрос 17.** Об утверждении аудиторской организации и размера оплаты услуг аудитора на 2025 год.

***Решение.*** Избрать аудитором Общества ОсОО «Улан-Нур-Аудит» и определить оплату его услуг в размере 75 000 тыс. сом в год.

**Вопрос 18.** О внесении изменений в Устав Общества.

***Решение.*** Утвердить изменений и дополнений в Устав Общества.

**Вопрос 19.** О дальнейшем сотрудничестве с ОАО «Кыргызиндустрия».

***Решение.*** Прекратить о дальнейшем сотрудничестве с ОАО «Кыргызиндустрия».

**Вопрос 20.** Об одобрении внешнеэкономического Контракта от 22 января 2025 года на передачу ОАО «БМЗ» лицензии на производство.

***Решение.*** Утвердить внешнеэкономический Контракт от 22 января 2025 года на передачу ОАО «БМЗ» лицензии на производство.

О внесении и дополнений в Устав Общества можете ознакомиться по адресу **пр.Ч.Айтматова 1.** Контакты: **0707 636 571.**

С/О 96

## Считать недействительным

